Мубара Абдилатипова
Изат Калыкова

# «Куш уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат»





Мубара Абдилатипова
Изат Калыкова

# «Куш уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат»

Бишкек
«Улуу тоолор» – 2015

ББК 821.51
УДК 84 Ки 7-4
А 36

А 36 Мубара Абдилатипова, Изат Калыкова
**Куш уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат:** –
Б.: «Улуу тоолор», 2015 – 60

ISBN 978-9967-69-054-8

ББК 821.51
УДК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-69-054-8

Мубара Абдилатипова,
Изат Калыкова,. 2015

Мубара Абдилатипова, Изат Калыкова

# «Куш уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат»

Бул китепте бүгүнкү күндөгү айрым мектептерде учурап жаткан окуучулардын бир бирине үстөмдүк кылуулары, улуулары кичүүлөрүн, күчтүүлөрү күчсүздөрүн карактоо,рекетчиликтин болушу, кээ бир окуучулар арасындагы чыр-чатактар, анын негизинде жаш өмүрлөрдүн кыйылышы, кыздардын мушташуулары туурасында жана ушундай терс көрүнүштөрдүн себептери, алдын алуу жолдору жана ушул сыяктуу жагдайлар баяндалат.

Мейли ал эркекпи, аялбы, же улуубу, кичүүбү баары бир ким гана болбосун биреөнүн өмүрүнө кыянаттык кылууга, анын жашоосун токтотууга акысы жок. Анан да ар бир адам үчүн Жараткан Алла насип эткен өмүрдүн пайдасы ушул- өз керт башынын кызыкчылыгынан да башкалардын жана жалпы элдин кызыкчылыгы жогору турушу керек.Турмуштук кыйынчылыктарга, айрым тоскоолдуктарга чыдабай жана курулай намыска багынып, өз өмүрүнө кыянаттык жасап бу тирүүлүктөн кутулуп кеткени менен, аркы дүйнөдө тозок күтүп жатканын терең түшүнүү абзел. Ошондуктан, бизге жашоо берген кудайым үчүн миң мертебе таазим этип, ыраазы болушубуз керек жана анын каарына калбоо үчүн өмүрүбүздү жана эмгегибизди пайдалуу иштерге жумшоого тийишпиз.

Бул китепти башынан аягына чейин зерикпей окуп чыгыңыз. А балким сиздерге пайдасы тийип калаар.

# Автордон

Акыркы мектеп жашындагы балдардын арасында кездешкен окунучтуу окуялар, бирин бири мазактоо, карактоо, рекетчилик, анын артынан мушташуулар, ошол уруш-жанжалдан кээ бир окуучулардын каза табуулары, же ушундай себептер менен жашоодон кол жууп, өмүрүн кыйып, кыянаттык кылуу сыяктуу терс көрүнүштөр айрыкча акыркы учурларда көп учурай баштады. Эркек балдар гана эмес, кыздардын арасындагы мына ушул өңдүү көрүнүштөр келечектеги турмуш жолуна кадам таштап, бирөөгө жар, балдарга эне боло турган кыздар тууралуу олуттуу түрдө ойлонууга аргасыз кылат.

Бирок, азыр мектеп окуучуларынын арасында көз карашы терең, мезгилге жараша ой жүгүртө билген, акылдуу балдар-кыздар көп. Бул балдар информатиканын өнүккөн ушул мезгилинде анын сырларын жакшы өздөштүрүшүп, компьютердин ийне-жибине чейин билишип, укмуштуудай иштетишип,күн сайын интернет булактарынан түрдүү маалыматтар менен кабардар болуп турушат. Алардын жашоого болгон көз карашы, умтулуусу бир биринче, улуулардын каталарын бат табышат, бирок улуу адамдар ошол каталарын моюнга албай, « Биз турмушту көргөнбүз, көптү билебиз» дегенчелик кылып, балдардан жогорураак корүнүүгө аракеттенишет.

Ошону менен бир катарда эле компьютерде керээли-кечке олтуруп, пайдасыз оюндарга, агент аркылуу сүйлөшүүлөргө, тыюу салынган фильмдерге берилүү менен убакыт откоргөн окуучулар да жок эмес. Мындай окуучулардын сабактарга да жетишүүсү канааттандырбайт. Акырында барып, терс таасирлерге кирип кетишкен курдаштардын окунучтуу окуяларга кириптер болушу ыктымал. Мындай жагдайлар ал балдардын келечегинен

кооптонууну туудурат. Азыр биз мектептердеги айрым окуучулар арасында кездешкен терс көрүнүштөр туурасында кеп учугун уласак. Кээ бир адамдар өспүрүмдөр арасында кездешип жаткан маселелерге « биз да жашыбызда шок элек, жаш кезде боло берет»,-дешип турмушта кездешип турган көрүнүш катары үстүртөн карашат.

Мектеп жашындагы балдардын арасында терс көрүнүштөр кездешсе, бул үчүн мугалимдер ата-энелерди күнөөлөшөт.

«Силер өз балдарыңарды жакшы карабай жатасыңар», дешет.

Ал эми ата-энелер болсо мугалимдерди айыпташып

«Силер балдарга жакшы тарбия бербей жатасыңар», деп айтышат.

Ал гана эмес, ички иштер органдарынын жашы жете элек балдар менен иштөө инспекциясынын адистери да жеткиликтүү иштешпейт деген көз караштар жок эмес. «Алсак,бирөөнүн чөнтөгүнөн акчасын алып качып кеткен чөнтөкчү балдарды кармашканы менен дароо эле коё беришет. Мунун өзү эле алар менен чогуу иш жасашканын далилдеп турат»,-деп айтышат.

Кээ бир мектеп окуучуларынын кылмышка кириптер болушуна эң биринчиден тайкы тарбиянын таасири айтылат. Ага да себеп, өлкөбүздөгү экономикалык кыйынчылыктардын айынан алардын ата-энелери жумуш жасаганы Россия, Казакстан, ал гана эмес, Якутия, Корея, Турция сыяктуу өлкөлөргө барып иштөөгө мажбур экендиктери да белгиленип келет. Мунун чындыгы бар биз эгемендүүлүккө ээ болдук деп мактанганыбыз менен өз алдынча мамлекет болгондон кийин эле үй-бүлөлүк жетишпестиктерден улам калкыбыздын арасынан сыртка иштегени кеткендер көбөйдү. Алгач булар аз сандагы адамдарды түзсө, акыркы жылдары өлкөбүздөн сырткары кеткендердин саны улам көбөйүп барат. Бирок, алардын балдары

туулары кичинелерин карап, өз үйлөрүндө, болбосо чоң ата, чоң эне, таята, тайэне, же башка туугандарыныкында өсүп жатышат. Мына ошондон улам, атанын катуу тарбиясынан, эненин жылуу мээриминен убактылуу ажыраган балдардын айрымдары ээн-эркин өсүп, анын негизинде алардын тарбиясына жеткиликтүү көзөмөл болбой жаткандыгы белгилүү.

Бир эле сыртка жумуш издеп кеткендердин балдары эле эмес, өз жеринде турмуш кечирип жатышкан үй-бүлөлөрдүн балдарынын арасынан да айрым терс көрүнүштөргө кириптер болуп жаткандыгы жашыруун эмес. Тиричиликтин айынан керээлиден кечке базарларда иштеген атасы, же апасы жумуштан чарчап келгенде баласынын мектепке барып жатабы, барса сабагына даярданабы,ушул багытта көзөмөл жасабай калган учурлар бар. Ал гана эмес, кээ бир чиновниктердин балдары арасында да ар кандай жагымсыз көрүнүштөргө туш болгондору да кездешет. Муну азыркы турмуштук практика өзүн көрсөтүп олтурат.

Бүгүнкү күндө мектеп окуучулардын арасында күчтүүрөөгү күчсүзүн мазактоо, басынтуу, акча талап кылуу сыяктуу көрүнүштөр жок эмес. Бул багытта мектептердин администрацияларына, же мугалимдерге кайрылганда, алар:

«Биздин мектепте мындай көрүнүш кездешпейт»,- деп жооп беришет. Бирок, дал ошол мектепте рекетчилик бар экендигин мугалимдери жашырышканы менен окуучулар айтышат. Эгерде ушул өңдүү терс көрүнүшкө туш болгон болсо, кээ бир ата-энелер өз баласын коргойт да, анын баласынан жабыр тарткан окуучуну күнөөлөйт. Ал баланын атасы, же апасы биринчи баланы күнөөлүү деп эсептейт. Ошентип, ар бир ата-эне өз баласын тартипке чакыруунун ордуна актап олтуруп, экинчи ирет күнөө иш жасоого түртүп жатпайбы.

Турмушта күбө болгондой азыр чоң адамдар гана эмес, мектеп окуучулары арасында кездешип жаткан чыр чатактарда таптакыр жабыр тартпаган, кала берсе ошол жаңжалдын чыгышына себепкер болгон балдар ата-энесинин, же жакындарынын көрсөтмөсү менен милицияга арыз менен кайрылып, же ооруканага жатып алып, бол-босо ден соолугу тууралуу жалган диагноз койдуруп, акча талап кылып, бизнес жасаган жагдайлар учурайт. Ошол кезде жабыр тарткан бала органга сурак берүүгө туш болгон көрүнүштөр кездешет.

## Мектептердеги эки көрүнүш

Ушундай бир көрүнүшкө Чаткал районуна чыгармачылык сапарга барып калып туш болдук. Жогорку класстын окуучулары кенже класстын бир окуучусунан күн сайын акча талап кылат. Ар күнү апасынын баласына жол киресине жана тамагына деп берген бир аз акчасын мына ушул балдарга берип кутулчу экен. Бир күн берет, экинчи күнү да алышат, үчүнчү... Ошентип күн сайын мындай каraктоо өнөкөткө айланат. Бирок, окуучу баланын күн сайын берүүгө кайдан акчасы болсун. Акырында, ал бала эч нерсе бере албай калат. Ошондо алар, коркутуп коёт деп, кызуулук менен токмоктоп, баланын колун сындырып салышат. Ал балдарды тартипке чакырып коюу үчүн таяк жеген баланын атасы тентек балдардын бирөөсүнүн үйүнө барып эскертүүгө мажбур болот. Эртеси алар өз баласын тартипке салуунун ордуна токмоктолгон баланын ата-энесине келип, ызы-чуу салышат.

Мындан беш-алты жылдар мурда шаардык мектептеринин биринде жогорку класста окуган окуучу үйдүн чатырына чыгып, асынып алган деп айтышкан. Ал окуучунун ата-энеси мугалим болчу. Апасы мектепте иштейт, ал эми турмуштук жетишпестиктен атасы кесибин таштап,өзүнүн машинасы менен тиричилигин өткөрүп

көрүү. Бирөөгө жаманчылыгы жок, өз мээнеттери менен жашоо кечирип жаткан бул үй-бүлө ээлери өз балдарына жаман тарбия берген эмес. Ден соолугунан кемтиги жок, сабагынан жакшы окуган баланын өкүнүчтүү өлүмүнүн себебин билишпей, табышмак бойдон калып кетти. Бири «бирөөлөр асып кетиптир» десе, экинчилери «андай эмес өз өмүрүн өзү кыйган»,-дешет.

Базар-Коргон районунун мектептеринин биринде да мына ушундай окунучтуу окуя кайталды. Мектеп окуучулардын мушташуусунун кесепетинен бир окуучунун өмүрү кыйылган.

Январь айынын 20-числосунан 21-числосуна таянган түнү Чаткал районунда жогорку класстардын окуучулары 9-класстын окуучусун токмоктоп коюшуп, натыйжада ал баланын өмүрү кыйылган. Акыркы мезгилде мындай фактылар көбүрөк учурай баштады. Мындай өкүнүчтүү окуялар айрым бир адамдар үчүн көнүмүштөй туюлганы менен, акыл парасат менен талдай келсек келечек ээлери деп эсептелген биздин жаштар арасында ушундай терс жагдайлар улана берсе, Кыргызстандын эртеңкисин кантип элестетебиз жана кимдерге тапшырабыз.

Акыркы мезгилде кыргыздын каада-салты деп, аш тойлордо улуттук оюндар ойнотулуп, ошолордун арасынан улак тартышка катышкан мектеп окуучулары да учурап жатат. Сабактан кийин балдарынын эмне менен алектенип жүргөнүнө көзөмөл жасабаган кээ бир ата-энелердин кенебестигинин айынан мына ушундай учурда кайгылуу көрүнүштөргө туш болушкан өспүрүмдөр бар. Сузак районунда жакында эле мектеп окуучусунун улактан өмүрү кыйылган. Анын себептерин ар кандай окуялар менен байланыштырышат. Айрымдары окуучулардын ур-токмогуна кабылган дешсе, кээси улак тартышта аттан жыгылган дешет. Иликтөөнүн жыйынтыгы

кандай деп көрсөтпөсүн экөө тең терс көрүнүш катары белгиленет.

«Тарбия бакчадан башталат», деп айтышат. Бирок ошондо да, кеч болуп каларын белгилешип, баланын тарбиясы төрөлө электе, эненин карынында экендигинен башталат дегендер бар. Себеби, кош бойлуу эненин саламатчылыгы жана кулк-мүнөзү баласы курсагында экенинде эле анын тарбиясына жана ден соолугуна таасирин тийгизет экен. Анткени, бала төрөлгөндөн кийин ыйлаак, же жоош болсо, «Ушул балаң курсагыңда экениңде сенин мүнөзүң ушундай болчу»,-деп айтып калышат. Чынында тарбиянын пайдубалы бала эненин курсагында жүргөндө түптөлөт экен. Ал эми бала жарыкчылыкка келип, акылына кирип, чоңое баштаганда ата-эненин жүрүш-турушу да анын тарбиясына таасирин тийгизет. Үйдө эркектин аялга, аялдын эркекке болгон туура жана туура эмес мамилеси, чыр-чатактар ушул сыяктуу терс көрүнүштөр баланын аң-сезимине да сиңе баштайт. Үй-бүлөлүк чөйрө анын көз карашынын калыптанышына, тарбиясына таасирин тийгизет. Эгерде жакшы тарбия берем деген ата-эне баласынын көз алдында бири-бирине катуу айтпашы тийиш, муну менен балдарынын алдында өздөрүнүн кадыр баркын кетирип алганы аз келгенсип, анын ошондой шартта тарбияланышына түрткү гана болот. Демек, баланы тарбиялайм деген ата-эне,деги баарыбыз өзүбүз тарбиялуу болушубуз абзел.

Турмуштук жетишпестиктер да кээ бир балдардын тарбиясына терс таасирин тийгизет. Ошол эле учурда, бай, бакыбаттуу жашаган үй-бүлөлөрдөн да тайкы тарбия алган балдар кездешет. Анын тетирисинче, ата-энеси ичимдик ичкен, же турмуштук жагынан аз камсыз болгон үй-бүлөдөн да жакшы, адептүү балдар чыгат. Мындай учурда ата-энесинин кемчилигин көрүп жүргөн бала ан

[illegible] аракет жасап, алдын ала өзүнө өзү максат коет. Андай балдар минтип айтышат:

«Мен чоңойгондо ичимдик ичпейм, тамеки тартпайм, жаман жолго түшпөйм». Ал ошол өз алдына койгон максат менен мектепте жакшы окуп, жүрүм-туруму жакшы болуп, өзүнүн аракети менен жогорку билим жана татыктуу [illegible] болууга жетишет.

Коомубузда эки катмар – байлар жана кедейлер пайда болгон сыяктуу мектептерде да ушундай көрүнүштөр кездешет. Бир катар окуучулар мугалимдеринен да жакшы кийинишет. Алар мектеп формасын талап кылганда гана кийинишсе, башка мезгилде мектепке кымбат баалуу кийимдери менен келишет. Алар бай катмардын балдары. Буларга айрым мугалимдердин мамилеси да башкача. Ал эми айлык маяна менен жашаган, же иш[illegible] үй-бүлөлөрдүн балдары жөнөкөй кийинишет, же мүмкүн болушунча мектеп формасын кийүүгө аракеттенишет. Мезгилге жараша бут кийими, же мектеп формасы жок мектепке бара албай калган балдар да жок эмес. Мектептердеги бирдей эмес кийинүүлөр да балдар арасында ар кандай кырдаалдарды пайда кылат. Көпчүлүк учурда мода ушундай кийинүүнүн да таасири болот. Ошондуктан, мектептерде окуучулардын милдеттүү түрдө бирдей форма кийиниши жеткиликтүү талап кылуу зарылдыкты туудурат.

Көпчүлүккө белгилүү болгондой бүгүнкү күндө бардык адамдардын жашоосу бирдей эмес. Көп адамдар балдарын тарбиялоодон мурда акча табууга умтулушат. Анткени, жашоо кыйындап баратат деп нааразы болгонубуз менен көңүл коюп эсептей келсек, азыр ар бир үйдө пайдасыз чыгым көп сарпталат. «Күндөлүк керектөө ошончолук көптү талап кылат», дешет. Азыр бакчадагы бала да акчаны жакшы тааныйт, ал эми муктаждык туулганда

мектеп окуучусу да кантип акча табуунун жолун ...
баштайт. Эгерде ал бала жакшы тарбия алса, эми...
не билет, тарбия албаган болсо ар кандай жолдор мен...
акча табууга аракеттенет. Бул үчүн биз сөз кылып ж...
күчсүздөрдү уруп-согуп, карактоо, же уурулук жасоо ...
яктуу терс көрүнүштөргө барышат. Анын артында ок...
чтөр тургандыгын алдын ала ойлонгулары да келбейт.

Бүгүнкү күндө өспүрүмдөр арасында уурулук ...
бөйгөндүгү тууурасында маалыматтар кездешет. Айрым...
шаар жерине күндүзү улуулары жумушка, балдары ок...
уга кетип, ээн калган үйлөргө кирип, тоноо көрүнүштөр...
күч алды.

Жалал-Абад шаарында күндүзгү саат 11 менен 1...
дин ортосунда үйдүн дарбазасы бек тургандыгына карабастан, коргондон ашып түшүп, ичкери кирип үйдүн ...
тинтип, чаң-тополоң чыгарып, кымбат баалуу буюм ...
албагандан кийин, кол телефонун жана үй ээсинин ба...
ласынын чогултуп жүргөн өтө көп эмес акчасын ...
чыгып кеткен факты катталган. Ички иштер органдары...
ууруну табышкан. Ал жаш кыз экендиги аныкталган.
Буга чейин ал кыз бир нече ирет уурулук жасап, балдар
колониясына камалган. Боштондукка чыккандан кийин ...
мына ушул сыяктуу уурулукка барган, ал гана эмес ...
башка үйлөрдөн да алтын жана ири өлчөмдөгү акча уур...
дагандыгы билинген.

Дагы бир үйгө күндүзү беткап кийген адамдар кирип,
баласынын колун артына байлап, бычак менен коркутуш...
кан. Ошол учурда биринин беткабы түшүп кеткен, ...
колу байланып олтурган бала көрүп калган. Уурулардын
бири баланы өлтүрүп кетели деген сунуш айткан. Экинчи...
си ага макул болбогондон кийин, тезинен изин жашыруу
үчүн, магнитафон, кол телефонун алып чыгып кетишкен.
Ошондой эле, көп өтпөй ушундай көрүнүш кайталанган...

Үч бейтааныш адамдар бир үйгө кирип, эркегин токмоктоп, аялын жана баласынын колун байлап, акчасын алып, качып кетишкен. Маалыматка караганда, булар мектеп жашындагы балдар болушкандыгы айтылат.Тилекке каршы, бул уурулар эмдигиче табылган эмес.

«Максат коё билсең, сөзсүз ага жетишесиң, мына мен бийик максаттарымдын баарынан жетиштим, болгондо да бардыгы менен аткарылды. Эгерде президент болом деп кааласам, ага да жетишмекмин»,- деди бир курдай бизге өлкөнүн бизнес жетекчилердин бири. Ал шаардагы бир нече өндүрүштүк ишканалардын башында турган, жүздөгөн адамдарды жумуш менен камсыз кылып келаткан чоң бир компаниянын башчысы. Ошончолук бай болсо да, байлыгына чиренбеген жөнөкөй адам, сүйлөшө келсеңиз көз карашы да терең, ойлору келечектүү. Анын балдары да дал ошол атасы өңдүү жөнөкөй тарбияланышкан. Азыр алардын улуулары чоңоюп, атасына жардамчы болуп калышты. Көрсө бул адам балдарына билим алууну, эмгектенүүнү жана адамгерчиликти, маданияттуулукту үйрөтүптүр. Анын балдары мектепте окуган учурда эч качан бөтөн караткан эмес. Демек, байбы, кедейби, баары тарбиясында тура. «Күн уяда эмне көрсө учканда ошону алат» деген накыл кептин чындыгы бардыгын бүгүнкү турмуштун тажрыйба далилдеп жатат.

Анан да азыр мектеп окуучулардын көпчүлүгүнүн убактысы айрыкча шаарларда, райондордун борборлорунда, интернет клубдарда өтөт. Алар жердеги түрдүү оюндарга алдыды болгон бала окууга да кызыкпай калат. Ал эми дайыма мушташ жана коркунучтуу кинолорду көрүшөт. Адамды мыкаачылык менен өлтүрүүлөр, кан жасаган мушташтардан азыркы балдар коркпой калышкан. Мындай кинолорду көрө берип, кээде андагы каармандарды тууроого болгон аракеттерден улам, мектептер-

деги карактоо, рекетчилик өңдүү терс көрүнүштөр көп чыгып жатат.

Сиздерге сунуш кыла турган китептин өзөгүн да ошол биз сөз кылган маселелер түзөт. Бул китеп бир гана окуучулар үчүн эмес, ата-энелер, мугалимдер жана бала тарбиясына кайдыгер карабаган адамдар жана уюмдар үчүн жазылды. Окуп чыккандан кийин,бул маселе да силерди кайдыгер калдтырбайт деген ойдобуз, балким сунуштарды айтаарсыздар.

**Мубара Абдулатипова,**
**Кыргызстан жазуучулар жана журналисттер кошундарынын мүчөсү.**

# «Куш уяда эмнени көрсө учканда ошону алат»

*Мектеп жашындагы балдар жана өспүрүмдөр арасында түрдүү кылмыштуулуктун саны көбөйүп, окуучулардын мушташуулары, бирин-бири тономой, рекетчилик, анын ичинде жаш өмүрдүн кыйылышы сыяктуу фактылар орун алып келет. Эркек балдардын гана эмес, акыркы мезгилде кыздардын арасында да мына ушундай терс көрүнүштөрдүн кездешип жатышы келечекке башка бирөөнүн жары, балдарынын энеси боло турган кыздардын тагдырына тынчсыздануну туудурат. Мына ушундай кырдаалга туш болушкан кыздар өздөрүнүн келечегине балта чаап жаткандыктарын этибарга алышпайт. Мындай көрүнүштөрдү мектептердин администрациясы жана мугалимдер жаап-жашырууга аракеттерди жасашат. Мунун өзү мындай терс көрүнүштөрдөн арылууга эмес, тетирисинче улам уланып барышына түрткү берүүдө. Тийиштүү органдар, ата-энелер жана мугалимдер, коомчулук бул багытта тегиз чечкиндүү кадамдарды жасабасак, акыры барып, келечектеги кылмышкерлердин өсүп чыгышына шарт жаратып берген болобуз. Бул китепте мына ушундай көрүнүштөрдөн улам кыйылган жаш өмүрлөр, анын себептери, анын алдын алуу зарылдыгы тууралуу баяндалат.*

*Фактылар турмуштан алынган. Аларда камтылган адамдардын ысымдарын өзгөртүп жана даректерин [illegible] берүүнү туура таптык.*

## Сөйкө үчүн кыйылган жаш өмүр тууралында

Ошондогу кайгылуу окуя эмдигиче эсимден кете элек. Акак күн сайын мектепке жөнөрдө кайнатылган суу куюлган бөтөлкөнү, анан таттуу токочту сумкасына салып алчу. Анткени, ага күн сайын апасы тамагына деп акча бере алчу эмес. Курсагы ачканда танапис учурунда классташтары ашканага кирген кезде окуган классынын арткы жерине барып олтуруп, апасынын колунан жасалган таттуу токочту жеп, суудан ичип алчу.

Ошол күнү мугалимдин жоктугунан алар үйлөрүнө эрте тарашты. Акак эмнегедир буйдалып олтуруп, баарынан артта калып кетти. Түз жол менен эмес, күн сайын каттоочу бузулган курулуштардын ортосундагы ийри-кууш көчө менен баратып, апасынын таттуу токочун эми эле тиштегенде астынан өзүнөн эки-үч жаш улуу кыз карпа-курпа чыга келди. Эмнегедир жаш жүрөк опколжуп кетти. Оозундагы тиштеген нанын толук чайнап бүтпөй элеңдеп тура калды. Бул кыз ага тааныш болчу. Ал окуган мектептин 9-классында окуучу. Бирок, мектепте андан кыздар гана эмес балдар да коркушаар эле. Себеби, жалгыз-жарым калган балдарды тоногонун билчү. Азыр аны элес албай өтүп кетмекчи болду. Бирок, ал кыз астынан торой, билектен алды да, бекем кысып туруп, Акакка кайрылды.

-Кулагыңдагы сөйкөңдү чечип бер!?

Канчалык коркуп кетсе да, апасы туулган күнүндө жаңы эле сатып белекке берген, ал үчүн эң кымбат буюм болуп эсептелген кызыл көздүү сөйкөсүн бергиси келбеди да, капысынан бошонуп качып жөнөдү. Артынан кубалап барып, буйдалбай жеткен кыз бир уруп жыкты да, жерге басып, кулагындагы сөйкөнү жулуп алды. Четинен болгону бир гана тиштеп жеп үлгүрбөгөн токочу колунан ыргып кетти. Ал да оозунда эми гана чайналып бүтө элек

болчу. Бооруташ кыз мерездик менен жулуп алганда кан агып кеткен кулагы жан чыдагыс каттуу ооруганынан чыдабай чыңырып жиберип, ордунан турууга аракеттенди. Жыландын оозуна илинген чырылдаган балапан сыяктуу бырпырап, жырткыч сымал айбандын колунан чыгып кетүүгө далбастады. Ошол кезде жаш жүрөк күтпөгөн окуя бир заматта болуп кетти. Зөөкүр кыз чөнтөгүндөгү макисин алып, Акактын санына күч менен сайды. Кан атып чыкты. Кан көргөн кыз өзүн башкара албай калды. Кармай албай жүргөн душманын колуна түшүргөн сыяктуу кастыгын алып жаткандай өжөрлүк менен удаа-удаа маки менен сайгылай берди. Жаш дене анын мизинен жанчылып бараткандай. Бир заматта эми эле ачуу чыңырып жаткан наристенин аянычтуу добушу улам басаңдап олтуруп, биротоло токтоп калды. Зөөкүр кыз ошол кезде энтиге токтоп, күшүлдөп-бышылдап, чоң иш бүтүргөнсүп, наристенин үстүнө дөңгөчкө олтургандай бир пас олтурду да, макисин чөнтөгүнө салып, анын артынан алаканынан түшүрбөгөн кыздын сөйкөсүн бет аарчысына ороп байлап, салды да ордунан ыргып туруп, канжалаган колун кыздын аппапак таза көйнөгүнө чала-чарпыт аарчый коюп, чуркап жөнөдү. Үйүнүн жанындагы арыктын суусуна жуунуп, ичкери кирди. Үйдө эч ким жок болчу. Ата-энеси аны ээн эркин коюшкандыктан, каалаганындай басчу. Мектепке бир күн барса, эки күн барбай, мугалимдери да айта берип, тажагандай болуп жүргөн. Кыздар менен мушташып, анан калса уурулуп жасап, милицияда каттоодо болгон. Азыр ал үйүнөн шаша чыкты да айылдын четине карай жүгүрдү. Ал жерде аны 11-класстын 4 кызы күтүп жаткан. Аларга карызын бермек. Ал ушул тапта Акактын өлүмүнө ичи ачышкан жок. Бир сөйкө үчүн кыз баланын өмүрүнүн кыйылышы, эртеңки өзүнүн тагдыры оюна да келбеди. Болгону кыздарга берчү карызынан ку-

тула турганын ойлогондо мурдагы кыжалаттыгына арыла жеңилдей түштү. Дале анын энтиккени басыла элек болчу. Бери жактан эле кыздарды көрө сала кадамын дагы да каттуулатты.

-Алып келдиңби?-дешти алар.

-Алып келдим,-деген кыз чөнтөгүндөгү дасарамолду алып чыкты да, анын түйүнүн чечип, ичиндеги Акактын сөйкөсүн алып узатты. –Мына, алгыла.-Алар аны кайдан, кантип алганын сурашкан да жок. Кайрадан буйрук бере сүйлөштү.

- Мындан ары убагында берип тургун. Болбосо жообун аласың.

Күүгүмдө эненин жан сыздаткан аянычтуу үнү айылдын баш-этегине угулду. Бул айчырактай кызы Акактан ажыраган шордуу эненин добушу болчу. Ошол кезде эки колуна кийимдери канга боелгон жансыз денени көтөрүп, эки көзүнөн мончок-мончок жашын агызып, буркурап ыйлап келаткан атанын турпатын көргөндөр өздөрүн токтото албай шолоктоп жатышты. Чыркыраган эне жолдошунун астын торой, жете бербей жер кучактап жыгылды.

Эркиндикте сайрандаган зөөкүр кыздын жашоосу темир тор артына алмашты. Соттун жыйыны соңуна чыгып, өкүм окулуп, эки колун бириктире артына кишен салынып бараткан кыздын бейкапар турпатынан өкүнүчтүн белгиси сезилген жок.

Ошол күндөн тартка күн сайын үйдөн чыгып, кызынын мүрзөсүнө карай, үн салып ыйлап барып, боз топуракты кучактап боздоп ыйлаган эненин үнү басылчуудай эмес. Муну көргөн билгендер көзүнөн жаш алып, зээни кейип жатты. Кан-жанынан жаралган перзентинен айрылуу энеге оңой болбоду. Кийин айылда ал тууарасында «акылынан ажырап калыптыр» деген сөз тарады.

## Кыздардын урушу

***Эркек балдар мындай турсун кыздардын арасында карактоо, рекетчиликтин, мушташуулардын кездешип жатышы көөдөндө өкүнүчтөрдү туудурат.***

Ичинде кири жок, ичиндегисин сыртка жашырбай айтып үйрөнгөн, өзүнө өзү ишенген Айгерим айылдан шаарга келип окуй баштады. Ата-энеси Сахалинде иштеп жатканына беш жыл болгон. Андан улуу эки баласын жандарына ала кетип, ушул кызын атасына таштаган. Чоңойгон сайын кыздын келечеги карыяны тынчсыздандыра баштады. Мектебин бүтсө ата-энесин чакырып кошуп бермек. Картайган сайын оорусу көбөйгөн кары «эгер менин көзүм өтсө кимдин колун карайт»,- деп бушайман. Сабагынан келгенде үй ишинен колу бошобогон небересин жазда иш башталганда талаа иштерине да жумшашат. Кетменди ийине сала иштеп келген небересин жанына чакырып алып, анын чоң адамдай кесилген колдорун алаканына коюп, зээни кейип кетет. « Кара жумушка быша элек жаш баланы кетмен чаптырбай эле койчу»,-дейт уул-келинине. Алар болсо, « Ата анда ким бизге жардам берет, болбосо өзүңүз барыңыз»,-дешет бирдейинен жарыша сүйлөп. Кары башын чайкап, « ата-энеси тиричилик деп сыртта жүрсө, кызга жабыр эмеспи»,- дейт зээни кейип.

Айтканындай кары бул ааламдан өтүп, аны жерге жашырууга келишкен ата-энеси, кызын кайра Россияга иштегени кетерде шаардагы эжесиникине таштап кетишти. Эжеси аны мектепке окууга жайгаштырды.

Шаардын мектеби айылдагыдай эмес экендигин байкады Айгерим. Мектепте жакшы окуган, жүрүш-турушу адептүү кыздар менен бирге эле, бөлүнүп, териштирип тергей турган беш-алты кыздан турган өзүнчө топ бар

экен. Алар сабактан деле кыйратып окушпайт. Сабакка даярдануу деген жок, мугалим сураса жооп да бере алышпайт, шылтоолору көп. Айгерим мектебинде жакшы окучу. Бул жерде кайсыл гана предмет болбосун алдыга озуп кетишиптир. Ошентсе да зирек кыз, тапшырмасын күн сайын аткарып, сабагын калтырбай келет. Үйүндө да эжеси көзөмөл жасайт. Мугалим сабакты сураганда мурда мыкты окуган эки кызга Айгерим да кошулуп, кол көтөрүп, жооп берүү үчүн сурана баштады. Анын зээндүүлүгү тескөөчү кыздарга жакпады көрүнөт биринен экинчисине Айгерим тууралуу жетти. Танаписке чыкканда жанына бир кыз келип, «Жүр сүйлөшөлү»,-деди. «Сүйлөшсө сүйлөшөлү»,-деди Айгерим да, кыз колун сыртты карай жаңсады. Артынан чыккан кыз, мектептин арт жагында турган топ кыздарды көрдү. Барары менен аны ортого алып, суракка ала башташты:

-Мугалимдерге жакшы көрүнгүң келип жатат окшойт,-деди далысы кең, бойлуу кыз жоон үнү менен.

-Эмне үчүн?- Кыз алардын сөзүнө түшүнгөн жок.

-Сабакта кол көтөргөнүңдү токтот. Тиги эки кызга теңелбе, алар шаардын прокурору менен милициянын начальнигинин кыздары, сен кимдин кызысың?

- Мен мугалимдин кызымын.- Айгерим намыстана түштү.

- Каякта мугалим, мектептеби, же?..

Кыздардын демиткени Айгеримге жаккан жок, аларга теңелгиси келбей үн катпай кыздардын ортосунан жарып өтөрдө эки кыз эки тарабынан кармап калды.

-Менден силерге эмне керек?- деди тыкылдап сүйлөп.

-Сүйлөшөбүз,-деди кекеткен кыздын добушу.

-Мен силерди тааныбаймын, сөзүм да жок.

-Бизде сөз бар,-деди дагы жанагы биринчи сүйлөгөн бойлуу кыз. – Сен кыйынсынганыңды токтотосуң, анан бизге акча бересиң?

-Менин ашыкча акчам жок,-деди Айгерим.

-Сен көп эле тыңсына бербе, бер акча!

-Мен силерге акчам жоктугун айттым го,-деди баштагы сөзүн кайталап. Кыздар анын кийимдерин тинте баштады.

-Тур ары,-деди да бул жерден кантип чыгып кетүүнүн жолдун издей баштаганда кыздар аны эки колунан тарта мектептин короосунан көчөгө карай сүйрөштү. Бири барып, бир заматта такси чакырып келди. Алар кызды күү менен түртө таксиге олтургузушту. Мектептен көп өтпөй суусу тартылып, какырап бош жаткан сай бар. Кыздардын айтуусу боюнча такси сайдин жээгине келип токтоду. Алар түшүп калышты да, жол киресин берип, таксини кетирип, Айгеримди алып, өздөрү калып калышты. Таксистке баары бир окшойт, топ кыздардын жалгыз кызга жасаган мамилесин көрсө да үн катпай таштай коюп, жөнөп кете берди. Кыздар Айгеримге алдыларына тизе бүгүп чөгөлөшүн айтышты. Кыз намыстанып, алардын эркине көнбөдү. Бири чачынан тарта кармап, экинчи кыз учтуу тырмагы менен Айгеримдин бетин чапчып алды. Бети тыз дей түшүп, кан жая берди. Намыстана түшкөн кыз кармап турган кыздардын биринин колун тиштеп алды да, бошоно түшкөндүктөн качып кетүүгө умтулуп, чуркап жөнөдү. Артынан дуу эте кубалашып баратканда жаза тайып, буту ташка тийип, жерге жыгылды. Ошол замат артынан жете берген кыздар кудум эле эркек балдардай тепкилеп киришти. Эки колу менен бетин калкалоого аракеттенди. Ботинканын соккусунан бүт денеси ооруй баштады. Мокумдары канганча тепкилешип, бир топтон кийин, бири чачынан апчый кармап, эскертти: -мындан ары эсиңден чыкпаса керек, эми биздин айтканыбызды аткарасың, болбосо өзүңө жаман.

-Кеттик кыздар,-деди ага эскертүү берген кыз. Айгерим ордунан турууга аракеттенди. Жыгылганда башы

ташка урунганбы, же кыздардын буттары тийдиби, кеңгирей, жер айлангөчөк болуп кетти. Бүт денеси зыркырап ооруп жаткандыгына карабастан, эптеп ордунан туруп, илкий басты. Мектеби алыс эмес болчу, бирок ал ал тарапка барган жок, кийимдеринин чаңын эптеп күбүмүш этти да, чөнтөгүндөгү кол телефонун алып, айылдагы классташ кыздарына чалды.Анда ушул тапта намыстануу сезими пайда боло калдыв. « Таяк жеп, «лок» болуп кала беремби?»,-деди ичинен ачууланып. Анын айылында да мектепти кармаган кыздар бар экендигин билчү. Аларга кошулбаганы менен бири да капа кылган эмес. Балалык оюнда азыр ошол кыздар менен буларды издеп-таап өч алууну чечти. Курбу кыздарына кабарлагандан кийин мектепке жетпей алардын келишин күтүп турду. Сумкасы классында калган. Дагы үч сабагы бар, чаңга булганган кийимдери, анан калса, тырмактын изинен тилинген бети менен кантип барат, ушул тапта аны намыс жеңип кетти. Анын айылдаш кыздары да келишти. Эки «Тико» машинасына олтуруп алышыптыр. Түшүп эле жатышат, түшүп эле жатышат. Ар бирине алтыдан олтурушкан экен. Алар Айгеримдин турпатын көрүп, ачуулана башташты.

- Сен жалгыз эмессиң Айгерим, мурда эле кабарлаганыңда сени коргоп калмакпыз-дешти курбулары. – Кеттик, аларды кайдан табабыз?

- Мектепте болуулары керек, акыркы сабак жүрүп жаткан чыгар,-деди Айгерим.

- Сен бизге көрсөтүп эле кой,эстен кеткис кылалы. – Алардын сөзүн угуп, чакырышын чакырып алып, Айгерим курбуларына эскертти:

-Кыздар силер каттуу урбагыла, коркутуп эле койгула.

-Сен айткандай кылабыз, бирок экинчи ирет алар сага тийишпегендей болушу керек. Жакшы сен алардын алдында тизе бүкбөпсүн, бирок биз да аларды сенин жаныңа чөгөлөтөбүз.

Коңгуроонун кагылганы угулуп, окуучулар сыртка чыгып, үйлөрүнө тарай баштаңты. Айгерим окуучулардын арасынан көзү менен өзүн токмоктогон кыздарды издеп жатты. Классташ кызы анын сумкасын көтөрүп келатканын көрдү, ал да Айгеримди алыстан эле көрүп, жете келип, бети-башын, кийимдерин карап чочуп кетти.

-Сага эмне болгон, сенин жоктугуңан үйүңө таштай кетейин деп сумкаңды ала чыкканмын. Бетиңе эмне болду?

-Кийин сага айтып берем, сумкамды ала келип жакшы кылыпсын, азыр Сайралар кайда жүрүшөт?

-Алар класста калышкан.

-Мейли анда, сен бара бер?

-Сен үйүңө кетпейсиңби? – деген классташ кызы Айгеримден обочо турушкан топ кыздарды бир карап алып, Сайранын атын айтканына караганда чырдашкан го, деген ойго келе калып, анан «Эртең сабакка келгиниң, макулбу?»,-деди да колуна сумкасын көтөргөн бойдон чуркап кетти. Бир топтон кийин Айгеримди сабаган кыздар чыгышты. Алар таанымал болчу. Бири да мектеп кийими менен эмес. Бири спорт кийимчен, экинчиси джынсы кийген, башкалары да каалагандай кийинип алышкан. Айгерим аларды бир карап алып, курбуларына башын жаңсады. Бул белги болчу. Алар бир нерсени кызуу талкуулашып, эч нерсе жасабагандай бейкапар келатышкан. Кыздар мектеп тарапты караштты. Бул кыздардан башка эч ким көрүнбөйт. Алар четте турган Айгеримди байкашканы менен «эстен кеткис кылдык»,-дешип корстон боло келатышканда капысынан бөтөн кыздардын туш болушунан буйдала калып, токтолбостон өтө беришкенде астыларынан торой, эч сөз айтпастан дароо ортого алышты. Бир кызга эки кыз туура келди. Алардын түрүн көрүшкөн беш кыз да урушууга даяр турушту. Ошол замат кими-

си баштаганы белгисиз, эки тараптан мушташа кетишти. Бирин бири чачтан алып, бутка тээп, белден кучактап, бир убакта жердин топурагы чыгып, ит жыгылыш болушту. Кыздардын мушташы, бир топко созулду. Мектептен бир мугалим, же бир күзөтчүнүн караанын көрүнбөдү. Айгеримди жактаган кыздар басымдуулук кылып, аларды өлө-сала сабашты. Ким кабарлаганы белгисиз бир убакта милициянын машинасынын сигналы чыгып, аларды көрө сала Айгерим курбуларын шаштырды. «Кыздар качтык». Алар качып кетүүгө үлгүрүшүп, беш кызды милиция алып кетти.

Айгеримдин турпатын көрүп, эжесинин үрөйү учту. Бетти тытылып, чачтары апсайып, кийимдери чаң болгон кыз сырттан кирери менен окшуп кетти да, теңселип барып, жерге жатып калды. Чуркап жанына келе калган аял, башын көтөрө, ичкериге карай үн салды.

- Бачым суу алып келгилечи, баласы көтөрүп келген чыныдагы сууну кыздын бетине чачып жибергенде бир силкинип алып көзүн ачкан кыз, алсыз үн салды:

-башым айланып кетти.

-Үстүңө эмне болгон, өңүңчү, сени бирөө уруп кеткен окшойт, алыста ата-энең силерди багам деп жүрсө, бул турпатың эмнеси, сени соо кылышпаган окшойт, андан көрө «Тез жардам » чакырайын, деп эжеси бир топ сөздөрдү айтып салды да, телефонго жармашты. Анын эмне деп сүйлөп жатканын укпаган Айгерим, кайра эстен танды.

Эртеси Айгеримди участакалык милиционер сурап келгенде, ал ооруканада жаткан. Токмоктогон кыздар андан мурда милицияга арыз таштап коюшуптур. Баарын баштаган ошолор, таяктаган да ошолор. Эжеси ооруканадан эми гана келген. Бул кабарды укканда ачуусу келе сүйлөдү.

-Кызымдын бейбаштыгын көрө элекмин. Аны каттуу таяктап салышкан экен, кечинде ооруканага жеткиргенмин, эми гана өзүнө келди, кайра биз арызданышыбыз керек эле го. Кыз айыксын, анан мен ким болсо, ошонусу менен сүйлөшөм, Айгеримдин үстүнөн арызданган кимдер экен дегиси?

- Сиздин кызыңыз, кыздар менен келип, беш кызды уруп салышыптыр.

-Бул калп балам, менин кызымдын андай адаты жок, өздөрү уруп алып, догурунуп жаткан чыгар. Кой балам, мен азыр эле силерге арыз таштайм, эгер кызыма бир нерсе болсо алар жооп беришет.

«Урду» деген кыздын ооруканга түшкөнүн угуп, чынтөгүнүн иликтөө үчүн милиционер оорукананын дайынын сурап, ал жакка бара турганын айтып кетти.

Кыздардын сабак учурунда болгон мушташы шаарга тарады. Бул мектептин жетекчилиги менен мугалимдерге пайда алып келген жок. « Буларды көрбөгөн мугалимдер кайда, аларга көзөмөл жасабаган директор эмне кылып жүрөт?» деген суроого мектептин жамааты жооп таба албай кыжалат.

## Зөөкүр кыздардын жоругу

Бул окуя алыскы тоолуу райондо мындан үч-төрт жылдар мурда болгон. Райондун алдыда өтчү маарекесине карата окуучулар күн сайын спорт аянтчасында машыгууга келип жүрүштү. Алардын арасында 9-класстын окуучусу Жыпар да бар эле. Сабактан кийин да өзөк жалгабай курсагы аябай ачып кеткенинен эртең менен апасы берген 100 сомунан столдун бетине коюп алып сатып олтурган аялдардан пирожки жеп алгысы келди. Ошол кезде анын колундагы акчасын көрүп калган 10-класстын окуучу кыздары «100 сомуңду бер» деп сурашты. Курсагын тойгузууну эңсеп турган кыз анысын бергиси келбеди.

Эки кыз эки тарабынан колтуктай кармап, дегдеңдеткен бойдон сейил бактын ичине карай алып жөнөп, ортосуна келгенде токтошту да,

« эгерде бербесең, таяк жейсиң»,- дешти. Кыз 100 сомду колунун ортосуна мыжыга кармап, алардан чочурkаган жок. Оңой менен ала албаган кыздар аны таяктап туруп, тартып алууну көздөштү да, бири чачынан кармап, эки кыз алынын жетишинчи уруп жатты. Кыз даракты сүзүп жыгылып бараткända бешенеси сыйрылып, кан агып кетти. Кыздардын бирөөсү аны көрө сала, « качалы кыздар»,-деди да таяк жеген кызды таштап, чуркап жөнөдү, анын артынан калгандары качышты. Бир чети курсагы ачып, экинчиден машыгууда чарчаган кызга таяк кошумча болуп, боюн көтөрө албай жатты. Ошол учурда окуучулардын машыгуусуна көзөмөл жасап жүрүшкөн милиция кызматкерлери алсырап жаткан кызды көрө сала, ооруканага жеткиришти.

## Беш жүз сомдун курмандыгы

Күндө эртең менен эрте туруп, мектебине кетчү Айдар бүгүн ордунан козголгон жок. Апасы жумушуна кетип баратып, термосоко чай демдеп, столдун бетине коюп, үстүн ак сүлгү менен жапты да, уулуна кайрылды:

-Балам тургун да, чайыңды ичип сабагыңа жөнө, макулбу?

-Макул,-деди жастыктан башын көтөрбөй чүмкөнүп жаткан калыбында.

- Тогузунчу класска чейин бир да ирет сабагынан калбай, жакшы окуп, мугалимдеринен мактоо сөз угуп жүргөн уулуна ишенген эне столдун четине жол киресине кошуп сексен сомду койду да, кол сумкасын алып, жумушуна кетти.

Айдар ордунан козголбой көпкө жатты. Мектебине барайын дегени менен жогорку класста окушкан Керим

менен Касымдын салыгын кайдан табат? Ушул күнгө дейре апасы күн сайын жол киресине, тамагына деп берген акчасын берип кутулуп жүргөн. Алар бешинчи классынан бери салык алат. Алгач 50 сомдон болсо, класстан класска көчкөн сайын салыктын өлчөмүн да көтөрүп жатышты. Эртең менен чала-чарпыт шам-шум эткен бала жол киресин төлөп мектебине барганы менен келатканда, ачка бойдон илең-салаң жөө кайтат, анткени, сабактын ортосунда болгон танаписте аны балдар чакырып алышып, жанындагы болгон акчасын шыпырып алышат. Сабагынан башка убактысын бошко кетирбеген жоош-момун баланы биротоло коркутуп алышты да, тогузунчу класска келгенде салыктын көлөмүн көтөрүп жиберишти. Бир апта мурда үстөгү менен төлөйсүн дешип, андан 500 сом доолашкан. Аны кайдан алат? Бул сумманы ал буга чейин колуна кармап көргөн эмес. Эч кимге айтпагын, айтсаң, биринчи класста окуган карындашың Сайкалды да, сени да тирүү калтырбайбыз дешкен. Өзүнөн го коркпойт. Жанынан артык көргөн карындашына алардын жамандык кылышын каалабайт. Бирок, мектебине барбай кое албады. Ордунан шашкалактык менен турду да, жуунуп-кийинип, апасы койгон сексен сомду ала коюп, сумкасын көтөрүп, жөнөй берип, керебетте куш уйкуда жаткан карындашынын жамынчысын кымтылай, маңдайынан өөп алды да, бир саамга жалдырай тиктеп туруп, сыртка басты. Сабакта да көңүлсүз олтурду. Чоң танаписте курсагы аябай ачканын билди. Мектептин ашканасына кирип, эки пирожки, бир стакан чай алып столго келип олтуруп, тамактанып, ордунан тура берип, ашканага кирип келаткан Керимди көрө сала жүрөгү бир дирт этип алды. Алдынан тосо келип, балага кайрылды: «Алып келдиңби?». Айдарда жигиттик намыс козголо калды. «Жок, иштебесем кайдан табам?!». « Буга чейин кантип тапсаң, ошентип табасың да, апаңдан

сура». – Керим дал маңдайына келип демитти! Айдар үн катпай, майланышкан колун бет аарчысына аарчыды да, жөнөй берди. « Сабактан кийин жолугушабыз, качып кетпегин, баары бир сени таап алабыз!». Керим артынан сүйлөнүп калды. Бала алардын жөн көнбөстүгүн билип турса да, бирок, кетип калышсын деген ойдо бир аз кармалып, анан сабактан кийин үйүнө карай жөө баратып, айыл четинде аны күтүп турушкан беш баланы көрдү. Качып кете албады, качса баары бир бир күнү кабылат да, түз бара берди. Жете бергенде бешөө тең алдынан торой, анан тегерете туруп, ортого алышты.

- Кана 500,-деди Керим.

-Айтпадымбы, менде акча жок.

- Бул бала бизди тоготпой калыптыр да.- Касым жанына жакындай баланын кекиртегине колун койду.

- Мен чын айтып жатпаймынбы, таба албай койдум.

- Анда жазасын аласың,-деди Касым.

-Кое бер. – Бала намыстанып кетти. – Мен силерге милдеттүү эмесмин.

-Сен карызсың.

- Мен силерден эч нерсе алган эмесмин.

- Сен бизден ала алат белең, эй эненин сүтүн эмген бала, карыздар экениңди билбейсиңби?

-Айтпадымбы агалар, силер мени тынч койгулачы, сураныч.

- Сени биротоло тынчытып койбойлубу, ошентелиби балдар,-Керим жанындагы шериктерине кайрылды. Касымдын колу анын мойнунда турган. Бир кезде кекиртегин катуу мыжыды.

- Кое бериңизчи?- Баланын жаны ооруп кетти, мууна түштү.

-Кое бербесем эмне кыласың?! – Касым муунта колуп бошотту да, ээгине бир урду. Теңселе барып, боюн

түзөй калды. Көзүнөн от чачырай түштү да, эсине келе калып, качып жөнөдү. Артынан кубалашып, бат эле жете келишти да, биринчи жеткени колунан кармай калды, артына келе калган Керим күү менен бир тепти, анын артынан удаа-удаа урулган соккудан жерге жыгылып түштү. Бешенесинен кан жая берди. Аяй турган түрлөрү жок. Кудум эле өчөштүк бардай, өжөрлүк менен тепкилеп жатышты. Алгач денеси ооруп жаткан бала, акырында оорунун белгисин сезбей калды. Башы кеңгирей, өзүн билбей бир заматта эч-учун жоготту. Бир кезде жанчылган жаш денени сүйрөп, чуңкурга таштап жиберишти да, бул иштерине корстон боло, топтолушкан бойдон үйлөрүнө карай жөнөштү. Капсыраган баланын сулк денеси чуңкур ичинде жатты.

Кечинде жумуштан келген апасы сабагына даярданып олтурган кызы Сайкалды көрүп, Айдардын үйдө жоктугун байкады.

- Айдар келе элекпи?-деди эне.

-Жок апаке, келбеди го.

- Буга чейин келчү эмес беле, же балдар менен ойноп калдыбы? Кызы Сайкал апасын бир саамга тигиле карап, «билбесем» дегендей ийинин куушуруп койду да, жазуусун улантты.

Максатсыз көчөдө жүрбөгөн уулунун кеч калганына шектенген эне улам күн кечтеген сайын кооптоно баштады. Көчөгө чыгып эки жакты карап да келди. Баласынан дарек жок. Бир кезде жүрөгү эмнегедир бир опколжуп алды, баласына жамандыкты ыраа көрбөгөн эне « жакшылык болгой эле» деп алды ичинен кудайга жалбара. Ошол эле жерден үйгө кирип, жарыкты күйгүздү да, кызынын чочулабай олтуруп турушун эскертип, эшиктин сыртынан бекитип, Айдар менен бирге окуган классташ балдарынын бирининен сурамакчы болду. Бирок, алардын бирөөсү да,

билбей турушканын айтышты. «Күтүп туруп, бирок мектептен чыкпагандан кийин келе бергенбиз»,-деди кошунасынын уулу. Келип калган чыгар деген ой менен эне үйүнө шаша басты. Бирок, ошол күнү Айдар үйүнө келген жок. Түнү менен кирпик көзүн какпаган эне уулун издеп, таппай, аргасы кеткенде айылдагы милиция бөлүмчөсүнө кайрылды. Эртеси баланын жансыз денесин чуңкурдан табышты. Жазыксыз бала рекетчиликтин курмандыгы болгонун ошол күнү эч ким билген жок.

## Тоо арасындагы мектепте болгон окуя

Ошол күнү 11-класстын үч окуучусу андан дагы акча сураишты. Буга чейин жанында болгонун берип жүргөн. Бул күнү жанында чака тыйыны жок эле. Кала берсе, эжекесинин ремонт үчүн алып кел дегенин да атасынын айлыгы тие электигинен алып келе албаган. Ал балдарга чынын айтты. Бирок, алар кечинде сөзсүз алып кел деп эскертишти. Баары бир ал алып келе алмак эмес. Кечинде аны сырттан балдар чакырып жатышканын айтышканынан ошолор экенин билип турса да, чыгууга мажбур эле. Эртеси мектепке барганда баары бир алар жолугары бышык. Чыгары менен үйдөн обочорок турган үч баланы көрүп, жанына аста басып бараткан берите эле акча сураишты. Ал үйдө акча жоктугун толук айтып бүтө электе кыжырданган балдардын бири кол көтөрүп жиберди. Артынан калган эки бала да бири тээп, экинчиси муштуму менен каракушка салды. Бала жыгылып калганда биринин артынан экинчиси таш боордук менен баш көзүнө карабай токмоктоп киришти. Бир кезде баланын деми чыкпай калганда, токтой калышты да, анан чочуй түшүп, токмоктоону токтотушту да, чымын-куюн болуп бет алдына карай чуркап жөнөштү.

Көчөгө чыккан баласынын бир саат өтсө да үйгө кирбегенине тынчызданган атасы жолго чыга берип, жерде

жаткан денени көрдү. Ай жарыгынан ал өз баласы экенин тааный замат, чочуй түшүп,үн салып, добушун уга албагандан соң, эңкейе калып, көкүрөгүн тыңшай дем албай калганын сезди. Башын көтөрө бергенде шылк этти. Бир заматта жанында жүргөн баласын жоготуп койгонуна ишене албай, үнүнүн баарынча аалам жаңырга кыйкырды. Каңырык түтөткөн аянычтуу бул үн айылдын айылдын баш этегине угулду. Ошондо бул жаш өмүр бар болгону 10-класстын окуучусу болчу.

Ошентип, мектепти бүтпөй канкор аталган 11-класстын 3 окуучусунун биринчисине 10 жыл, экөөнүн ар бирине 3 жылдан сот өкүмүн чыгарды.

Темир тор артындагы он жылга эркинен ажыраган баланын чоң атасы инсульт болуп калды, өз апасы катуу ойлонуудан ооруга чалдыкты, ал эми атасы болсо уулун түрмөдөн чыгаруу үчүн ары- бери жүгүрүп, укук коргоо органдарынын эшигин каккылап жүрдү.Бирок, ал канчалык аракет жасабасын баласынын күнөөсүн жеңилдете алган жок.Сыз жыттанган жайда жатып, бул жердеги эрксиз жашоо, үстөмдүктөр, сырткы эркин жашоодогу туш келген кыйынчылыктардан да артык, сөз менен айтып түшүндүрө алгыс азап болду. Эң оор азабы ушул жерде жатып, балдардын тепкисинен жаны ооруган баланын «аягылачы агатайлар» деп жалооруган добушу улам кулагына жаңырып, түшүнө улам кире берипа,түнкү уйкусун бузчу болду.

## Өз өмүрүнө кыянаттык жасоо көрүнүштөрү

***Азыр мезгилде жаш өспүрүмдөр жана жаштар арасында өз өмүрүнө кыянаттык кылуу көрүнүштөрү жок эмес.Ушул жагдайда түрдүүчө бир нече мисалдарды айта кетели.***

Бир мектепте мындай бир окуя болгон. Окуучунун китеп салган сумкасын тинтип жатып, эжекеси 200 сом таап алган. Анан ал бул акчаны кайдан алдың? деп сурап,ал жооп бергенче болбой классташтарынын көзүнчө сумкасын ыргытып, сөөмөйү менен чыкыйына сайгылап, уяткарган. Бирок, бул апасы сабактан келатканда базарга кайрылып, малдын этинен ала келгин деп берген 200 сом болчу. Бирге окуган окуучулардын жанында уялган бала, намыстанып «эми балдар мени уурусуң»,-дешип шылдыңдашат деген ойдо үйүнө келип, мал сарайга кирип, аркандан сыйыртмак жасап, өзүн өзү асып, өмүрүнө кыянатчылык жасаган.

Экинчи бир көрүнүш. Атасынын унаасын минип кеткен бала, сүздүрүп алат да, аны гаражга алып келип токтотуп койгон жеринен апасы көрүп калып баласын жемелейт. «Атаң Россиядан келгенде унаасын урдуруп алганыңды көрсө сөзсүз катуу жеме угасың»,- деп баласына айтат. Апасынан мындай сөздү уккан бала атам келгенде урушат экен деп корккондуктан үйдүн чатырына чыгып, муунуп алган.

Үчүнчү бир көрүнүш. Ата-энеси ажырашып, атасы башкага үйлөнүп, атасында калган бала классташтары менен тоого ойногону бармакчы болуп, акча сураган. Бирок, атасы баласына акчасы жоктугун айтып бербей койгон. Досторунан калып калганына намыстанган бул бала да асынып өлгөн.

Өспүрүмдөрдүн өз өмүрүнө кыянаттык кылууларына кээде айрым экстремисттик көз караштагы динчил адам-

дардын таасири да болгон. Айылды кыдырып жүргөн даватчылар бул жарыкчылыкта күнөө жасаган адамдар тигил дүйнөдө тозокко түшөөрүн айтышат. Анан бул жалган дүйнө экендигин, баарыбыз бул тирүүлүктөн кол жууп, кайсыл бир күнү кетерибизди айтып, чыныгы дүйнө тигил жакта экендигин кошумчалашат. Алардан мына ушундай маанидеги сөздөрдү уккан эки бала «бул тирүүлүктө жашап күнөөгө батып, ал дүйнөдө тозокко түшкөндүн ордуна тигил дүйнөгө эле кетип калалы» деген ойдо өздөрүн өздөрү асып, өз өмүрүн кыйышкан.

Мындай учурларда өспүрүм өлүмдүн коркунучун да сезбей калат. Бирок, куранда да өз өмүрүнө кыянаттык кылган адамдарга жаназа окулбай тургандыгы айтылат. Тилекке каршы, азыр турмушта кездешип жаткандай, «жаназа окуса боло берет»,-деген кээ бир молдолордун сөзү менен өз өмүрүн кыйган кээ бир адамдарга жаназа окулуп, денеси жерге жашырылып жатат. Ошондуктан, куранда айтылгандай ислам дининин талаптары сакталса, балким өмүрүнө кыянаттык жасоо көрүнүштөрү болмок эмес беле?!

## Сүйгөн жигити таштап кеткендиги үчүн өз өмүрүн кыйган

Көктө жылдыздар жымыңдашат. Асман чайыттай ачык. «Эртең күн ачык болот экен», деп алды кыз ичинен, кайра көктү карады. Ар кайсыл жерде өз өзүнчө жарык чачып турду. Жылдыздардын жарыгы менен теребел да анча караңгы эмес болчу.

Эки жаш айыл четинде жай басып өз өзүнчө ойго чөмүлүшөт. Экөө тең мектепти чогуу бүтүштү. Кошуна жашап, балалыгынан бирге өсүшкөн. Балалыктагы аруу сезим тунук махабатка айланып бараткан. Мындай кереметтүү кечтер ошол окуя болбогондо көпкө созулмак беле балким.

Аскер кызматкери болом деген. Ошон үчүн аскердик окуу жайында окуп жаткан. Анан эле, сүйгөн жигити аны таштап кеткенин укту. Болгондо да Жылдыз менен чогуу окуган класcташ кызына үйлөнүп алыптыр. Балалыгынан бирге өсүп, балалык аруу сезим, улам тутанып олтуруп, тунук сүйүүгө айланганын жан дүйнөсүндө сезген кыз ушул жигит менин өмүрлүк жарым болот деп ойлогон. Дайыма мектепке бирге барып, сабакка бирге даярданып, кала берсе кыздын үйүнө келип, анын ата-энесине кол кабыш кылып өз баласындай болуп калган Памирди алар да минтет деп ойлогон эмес. Класcташтарынын баары алардын экөөнүн мамилесин билчү. Намысынан, өмүрүн кыйгысы келди. «Жылдызды Памир таштап кетиптир» деген сөздү уккусу келбеди. Эң баарынан ансыз жашоосун . элестете албады. Күндүн кеч киришин чыдамсыздык менен күтүп жатты. Күндөгүдөй окуулар, көнүгүүлөр, баары ага көңүлсүздүктү жаратты. Тамакка да табити барбады. Жан-дүйнөсүндөгү будуң чаң, ага аралаш « эми кантип жашайм», деген бир гана сөз анын бүткүл турпатын эзилеп жатты. Машыгуудан чаалыгып-чарчашкан курсанттардын баары уйкуга кеткенде,убакыт таап кампадан таап алган арканды алды да, дал ошол кампага кирип, кичинекей табуреткага бутун коюп, шыптагы тактайга арканды байлап, мойнуна сыйыртмак салды. Эч нерсени ойлогон жок, эч нерседен корккподу да, өлүм бет маңдайына келип турганы менен чочуркабады. Сыйыртмакты мойнуна илди, анын назик мойну, анан бүт денеси кыйноо тартышын туйбай бу жарыкчылыктан батыраак кол жуугусу келди. Ошол замат көз алдына анын класcташын бооруна кысып турган Памирдин турпаты тартылды, ал кыздын маңдай чачынан сылагылап, бешенесинен шуу-шуу жыттады. Экөө балалыгынан бери кол кармашып,

кубалашып ойноп, бири бирине болгон аруу сезим пайда болгондо, аны жакшы көрөрүн миң кайталап айтып жатканда да жигиттин ээрини анын жүзүнө тийген эмес, экөөн бири бирине болгон тунук сезим тайсалдатып турчу. Болгону кыздын колунан кармап, анын ыпысык алаканын өзүнүн жаагына жакындатып, андагы жылуулукту сезип турган жигит ушуга кумарланчу. Анан кантип аны таштап, башка кызга, болгондо да анын классташына кетип калганынын себебин билген жок. Ушуну эстегенде ан сайын намысы күчөдү. Аны аскер адамы болом деген эңсөөсүнөн да ушул намыс күчтүүлүк кылды. Өйдө карап,түзөлө иппичке мойнун кыйып бараткан аркандын кыйноосуна чыдай, бут алдындагы табуретканы тээп жиберди. Азап көзүнө көрүнүп, кыйноо тарткан турпаты бир заматта түптүз боло түштү.

Таң эртең менен уйкудан ойгонуп, ордуларынан шарт тура калып, кийинип бүтүшкөн курсанттар, Жылдыздын ордунан тура электигин байкашып, алардын ичинен бирөөсү төшөктү сыйрып салды. Кыздын ордуна турган жастыкты көрүп, анын жоктугун прапоршикке угузушту.

- Жылдыз качып кетиптир.

- Эмнеге качат? Карагыла,-деди прапоршик.-Балким сыртка чыккандыр.

Бирок, Жылдызды эч жерден табышкан жок.Издебеген бир гана жай калды. Курбу кызы Кымбат кампага кире калып, кыйкырып жиберди. Артынан кире калган прапоршик табуретканы кое сала, арканды кырка салды. Өмүрүн сактап калууга ашыккан эки кыздын бири бутунан, экинчиси белинен кучактай кармап сыртка алып чыгышты. Жылдыздын денеси муздап калган болчу. Кыздын асынып өлгөндүгү тууралуындагы кабар аскердик бөлүккө ошол замат тарады. Анын төш чөнтөгүнөн ата-энесине жазган каты табылды. «Ардагым ата-апа силер

мени кечиргиле, мен өмүрүмдүн кыйышыма эч кимдин күнөөсү жок, ага өзүм айыптуумун, мен бул дүйнөдө жашагым келбей калды. Атаке сиздин эмгегиңизди, апаке сиздин ак сүтүңүздү актай албадым, бары үчүн жаман кызыңарды кечирип койгула.».

Ошондо Жылдыз бар болгону он жети жашта болчу. Сүйүү намысы анын аскер адамы болом деген эңсөөсүнөн да өктөмдүк кылды.

X X X

Жетекчиси Кадырга бир беш миң сомдук жашыл кагазды карматып, бир нече тизмелер жазылган баракты узатты да, минтип айтты:

-Сен базарга бар да буларды сатып кел, анан акырында эң кымбат, эң кооз бир букет гүл алгын, кечинде бир жерге бармак элем. – Кадыр жетекчисинин айтканын аткарып, базарлыкты мол жасап, гүлүн да сатып келип, машинасына салды. Машинасында күтүп олтурганда, жетекчиси жумуш аяктап, арткы орундукка олтурду да, аны университеттин жатаканасына карай жүрүүнү буюрду. Айткан жерине келгенде шефинин айтканы менен унаасын токтотуп олтурганда жатаканадан келишимдүү кыз чыгып келди. Кадыр көргөн көзүнө ишенбеди. Чачтарын жасалгалап, аябай боенуп алыптыр. Бул кошунасынын быйыл мектепти жаңы бүтүп окууга келген он сегиз жашка толуп толбогон кызы болчу. Кыз келди да, арткы орундуктун эшигин ачып олтурду. Шефи аны кучактап, бетинен өпкөнүн Кадыр машинасынын алдыңкы айнегинен көрүп турду.Экөө кыналыша олтуртуп, жетекчисинин айтуусу боюнча аларды шаардагы көрүнүктүү мейманкананын жанына жеткирди.

- Сен бара бер, мен чакырганда келесиң,-деди шефи.

Шефи аны чакырганда саатын караса түнкү саат төрт болчу. Жетекчисинин сөзүн эки кылбай ал мейманкананын жанына келгенде экөө тең ичимдик ичип алагүү болуп кызып калышкан экен. Шефи кыздын бир тутам белинен кучактап, жүзүнөн сүйүп турганын көргөн Кадырдын бүткөн бою тердеп, жанын коерго жер таппай, колдору титиреп кетти. Теңселип келип, машинанын артына жанаша олтурушту. Кыз кыткылыктап күлүп, кудум жигитиндей Кадырдын шефине эркелеп жатты. Айдоочусунун алдында кадыр-баркын кетирген жетекчини ичинен сөгүп, ачууланганынан унаасын катуу ылдамдык менен айдап келип, айтканы боюнча кызды алып кеткен жатакананын жанына келип токтотту. Кыз шефи тартуулаган белек-бечегин көтөрүп, алдыңкы орундукта турган бир букет гүлдү алып берүүсүн өтүндү. Кадыр гүлдү узата бергенде кошуна кыз, электрдин жарыгынан анын жүзүн көрө сала, не кыларын билбей карбаластай калып, анан өзүнө келе, дароо түштү да, колундагы букетти жерге карай ыргытты. Бир кучак роза жер жайнап калды. Бул жолугушуу Кадырга өтө оор тийди. Бирде жетекчисин, бирде карындашындай болгон кошуна кызды күнөөлөп, бир чети аны аяп, атасындай болгон немеге ыраа көрбөдү. Ошол күндүн эртеси анын өзүнүн өмүрүн кыйганын шефинен укту. «Мен жакшы көргөн кыз, асынып алыптыр»,- деди жетекчиси ага ачык айтып үшкүрүнө. Күтпөгөн бул окуяны угары менен Кадырдын денесин калтырай түшүп, буркурап ыйлай албай, өзүн араң басты. Ошентип, жаш кыз өз өмүрүнө кыянаттык жасады.

Окуп жатат деген кызынын эмне үчүн өз өмүрүнө кастык кылганын анын ата-энеси да, шефи да билген жок. «Менин таанып калып, айылга айтып коет деген ой менен ушул жорго барды бекен?» деп болжогон Кадыр кыздын өлүмүнө ичи ачышып, жатакананын жанынан өткөндө ошондогу окуяны зээни кейип жатып, эстечү болду.

## Энеси Россияга кеткен баланын кусалыгы

Беш баласын багуу Жаңылга жеңил болгон жок. Араккеч күйөөсү бөтөлкөнүн ичине түшүп,үй-бүлөсүн карамак түгүл, бир күнү үйүн бирөөгө сатып жиберди. Чырылдап ыйлаган жаш аялдын заарын үйдү сатып алган толмоч аял менен толмоч киши уккусу келбеди. Көрсө, алардын дүкөнүнөн карызга арак иче берип, алар кошуп жазып жүрүп, бир топ болуп кеткен экен, карызын үйү менен алмаштырып, документин сандыкта жаткан жеринен уурдап чыгып, кармата бериптир. Аргасы кеткен Жаңыл өзү менен балдарынын кийимдерин алды да, баарын таштап, төркүнүнө кетүүгө аргасыз болду. Ал жерде деле аны кубанып күтүп чыкчу апасы менен атасы боз топурак жазданып калганы эчак. Үйдө иниси менен келини турат. Алардын да ашып кеткен байлыгы жок. Эл катары тиричилик кылып жатышканын билет. Бирок, башка эмне кылмак, бир азга сабыр кылып турса, дагы бир жолу чыгар деген үмүттө барган эжесин беш баласы менен иниси менен келини жакшы эле кабыл алышты. Ушул үйдө он бала чоңойгон. Улуу эркек бир туугандары өзүнчө там салышып, чыгып, эжелеринин да өзүнчө жашоолору бар. Балалыгында баарын батырып келген ата-энесинен калган үйгө барбаганда кайда бармак. Үйдү ремонттоп жатабыз дешкенин уккан. Ичине евроремонт жасап, сыртын шубалатып жакшы эле жасалгалап алышыптыр. Идиректүү иниси менен келинине ичи жылып калды. Бирок, бир апта араң чыдады. Карындашыбыз келиптир дешип, бир тууган агалары үйлөрүнө чакырып, балдары менен сыйлашты. Качанга чейин жүрө бермек. Алардын тагдырын уккандан кийин ичкич күйөө баланы үйсүз калтырганга чейин тартипке чакырышпаганына өздөрүн күнөөлөп, эми аны жемелеп, уруп-соккону менен кеч болгонун, эптеп жер алышса, үй салууга жардам беренин айтышып,

сооротушту. Ошентсе да ар биринин  өз үй-бүлөсү бар эмеспи. Улуу агасына кеңешип, Россияга барып иштесемби деген оюн билгизди.

- Бул оюң деле туура, а балдарыңды кантесиң?- деди агасы. – Менин  саламатчылыгым да жакшы болбой калды, иштебей үйдө олтурам, жеңең балдар менен жер тырмалап, тиричилик өтүп жатат. Пахта эксек, гозопаясынан башка пайдасы аз. Үлүш жерге беде сээп салганбыз, жылына үч ирет  чөбүн чаап алабыз,  кышында малга тоют деп, ашыкча кирешебиз да жок, бизде калтырсаң, балдарыңды жакшы тойгуза албай кыйнап коебуз го. Балдардын бирине айтайын, ошолорго калтыр, мектепке киргизип коелу. Башка эмне кылмак элек.

Бир чети агасынын сөзүнүн да жөнү бар. Өз балдарын араң  багып жатканда, анын беш баласы батканы менен окат-аштан кыйналышаары бышык. Ошол эле күнү инисине оюнун четин чыгарды.

- Эже балдардан кабатыр болбоңуз. Улуу кызыңыз менен уулуңуз ишке жарап калышты. Бир чети барбасаңыз деле болмок, бирок барсаңыз деле мейли, а балдарыңыздан кабатыр болбоңуз, айылда эмгекке үйрөнүшөт, сабактан бошогондо балдар мага каралашса, кыздар жеңесинин жанында болот, өзүңүз чоңойгон үй, кабатыр болбой барып иштеп келиңиз,-деди иниси.- Жер алсаңыз, биз бир туугандар чогуу үй салып беребиз. Балдар окуса,  улуулары кичинелерин колдоп кетишет. Бул бешене эже, биз бир тууганбыз го. –Инисинин акылдуу сөзүнөн кубанып калган Жаңыл бир тууган эжесинин кыздары иштеген жерге барып, иштемекчи болду. Аны да  инисинен кабар алганы келген эжеси Күмүш келе калып айтпаспы. Күйөө баласына ачууланган аял бир тууган синдисинин абалын көрүп, болору оору, ошол замат Москвада иштеп жаткан кызына телефон чалды. Ал менен Жаңыл да сүйлөшүп, ал бар-

ганча өзү иштеген соода жайынан жумуш таап бермекчи болду. Кала берсе, жол киресин салаарын айтты.

- Мына көрдүңбү, иш да табылат, алар менен чогуу жашайсын, жол киреңи салып, тосуп да алышат, барар замат синдиңе кайтарам деп ойлонбой эле кой,--деди эжеси Күмүш аны ан сайын кубантып.- Балдарыңдын бирин алып кетейин.

- Жок эже балдарды жайына кой, кабар алып турсаңар болду. Бир жерде жүргөнү жакшы го. −Иниси чындап эле буга макул эмес экендигин айтты. Ал иштегени кетем дегенинен бери кичине баласы жанынан чыкпай улам ыйлап коюп жүрөт. Мен да барам деп алды алгач, ал жакка барууга болбой турганын айтканда, бирде соронуп эсине түшкөндө көздөрүн жашылдантып жүрдү. Бирок,балдарын таштап кетип жатканына ичи ачышканы менен барып иштеп келбесе болбойт. Мына беш баласы катарынан өсүп келатышат. Аларды окутуп, уулдарын үйлөп, кыздарын турмушка берүү керек. Ага чейин башпаанек кылып алышы да керек. Болбосо, качанга чейин туугандарынын, же болбосо биреөнүн үйүндө ижарада турмак. Ошентип, Жаңылдын жолу ачылып, синдиси жол кирege каражат салып, ал иштегени жөнөп кетти. Балдарын таштабай коюуга аргасыз эне ичинен сыздап, сыртынан күлүп, баарын катары менен бешенесинен өпкүлөп, бооруна бек-бек кысып, кете албай туруп кусаланып, ошол кусалыгы менен жол алды. Энесинен бөлүнгөн уул-кыздары уулуулары көзүнөн жаш алып, кичүүлөрү шолоктоп ыйлап, энесин узатышты. Балдар Жаңылдын кенже инисиникинде калышты.

Балдардын жүрөгүндө энеси кетпей сагыныч орноду. Эртеси кичинеси таң агарып атпай ойгонуп, жанында апасы жоктугун билип, ыйламсырап, эжесин түрткүлөп ойготту.

-Эже, турчу, мен апамды сагындым.

-Садагам Улантай, апам кечээ эле кетпеди беле. Сен ыйлабайм деп убада бергенсиң, чооң жигит да ыйлайбы. Апам иштен келсе, өзүбүздүн үйүбүз болот, сага кичинекей күчүк алып беребиз, экөөң ойнойсун. Бүгүн дем алыш бир аз уктап ал, а эртең уйкуң канбай калат,-деги Бермет инисин сооротуп.

-Апам көөп акча алып келет ээ.- Иниси жоошуй түштү.

- Ооба, бир аз чыдасаң, кел, келегой экөөбүз дагы уктайлы, сырт караңгы тура. –Кыз Уланды олтурган жеринен жаткызып, жуурканын кымтылап, кучактай жатты. Кечинде да апасы тууралуу сүйлөшүп, олтуруп, кеч жатышкан. Бала да жоошуп, бир аздан кийин уктап кетти.

Жаңылдын бир тууган иниси, келинчеги менен бирге балдарга жылуу мамиле жасашканы менен апасынын мээримине окшогон жок. Улуулары эс тартып, жакшы менен жаманды ажыратып калып, сабагынан кийин эркек балдар таякесине кол кабыш кылып, кыздар жеңесинин жанында күн кечиришет. Бошогондо сабагын карашат,Улан жеңесинин кичине балдары менен ойногон болот. Көп өтпөй алардан бөлүнүп кудум эле чоң адамдай бир колу менен жаагын таянып ойлуу тунжурайт.Апасы барындагыдай оюнкарак мүнөзү жок. 1-класска барат, түштөн кийин сумкасын желкесине артып, мектебине жөнөйт. Беш алты үйдөн кийин эле мектеп жайгашкан.

Бир туугандарына караганда Уланга апасыз жашоо кыйын болду. Жолдо машинанын үнү чыкса, «апам келип калса керек», -деп дарбазага карай басат. Эшикти ача берип, ал машина өтүп кеткенин көрүп, шапайып, артына кайрылат. Тамакка табити да жок. Өңү кумсарып, шапайып кетти. Таякеси анын турпатын карап туруп, ичи эзиле, боору ооруп кетет. Дем алыш күнү көңүлүн көтөрүү үчүн базарга алып барууну чечти. Күн мурунтан айтып койгон-

дуктан, дем алыш күнүн күткөн Улан бир аз көңүлдөнүп калды. Ошол күнү уйкудан эрте ойгонуп, таякеси мал-коюн иреттегенче кийинип алып, чыдамсыздык менен күттү. Анан таякеси унаасын от алдырып, турган жеринен короого алып чыгып, токтоткондо алдыңкы орундукка олтурду да, көздөрү күлмүңдөй жаадырай карады.

- Уланчик, экөөбүз базарга барып, мен сага велосипед алып берсем, көчөгө чыкпай короодо ойнойсуңбу?- Мурдатан ойлогон ичиндегисин жээнине билгизди.

-Чын элеби, сиз мага велосипед алып бересизби? – Бала кудуңдай кубана кетти.

-Чын эле.

- Анда мен дайыма үй алдында тебем, алыска барбайм.

-А бирок, сен сабагыңа даярданышыңды да унутпашың керек. Анан апасын адеп сагына берген болбойт. Апаң бир аз иштесин, анан келет. Ага чейин жакшы окуп,эстүү бала болуп жүргүн. Бул үйдө сенин апаң да чоңойгон.

-Менин апамбы? ... бала суроолуу таякесин карады.

-Ооба,-деди таякеси.

Таяке-жээн базарга барып, көп велосипеддердин ичинен аябай тандашып, Уланга жакканын сатып алышты да, экөө ашканадан лагман жешип үйгө кайтышты. Велосидедди унаанын үстүнө бекемдеп таңып алышкан. Уландын шашканын айтпа, сатып алган жеринен минип көргөн, үйгө келгенде аябай ойноймдеп ойлоп келатты ичинен. Кубанганынан жүзүнө кызыл жүгүргөндөй болду.

Мектепке чейин, мектептен кийин анын эрмеги велосипед болуп калды. Бир жерине чаң жугузбай, аарчып-тазалап таза кармайт. Бир аз алаксып калды. Бир күнү уктап жатып түш көрдү. Короодо велосипедин тээп, ойноп жатыптыр. Бир кезде дарбаза ачылып, апасынын баскан добушу угулду. Ошол замат ойноп жаткан жеринен алак-

сый карай берип, апасын көрө сала велосипедин таштай салды. Апасы жете келип, эки колун жайып,Уланды боорун тарта берерде  жетпей калып,ойгонуп кетип, бул түшү экенин билгенде ичи ачышып, ыйлап жиберди. Инисинин ыйлаган үнүнөн Бермет ойгонуп кетти. Улан жаткан жеринде «апалап» жатыптыр.

-Улантай эмне болду сага, таң атпай.

-Апам, апам... -Бала сөзүн айта албай шолоктоду.

-Апамды түшүндө көрдүңбү?

-Мага келаткан, анан жетпей калды.

-Апам бизди эстеп жаткан тура, сен ыйлаба, убадаң кана, таякем сенин ыйлаганыңды укса, велосипедим жакпай калыптыр деп капа болбойбу. –Бермет эптеп Уланды сооротууга аракеттенди. –Эмне велосипед жакпай калдыбы?

-Жок эже, менин велосипедим сонун.

-Анда жата тур.

Иниси эжесинин айтканын аткарды.

Барган сайын велосипеддин сонуркагы да басаңдап баратты. Күн алыс телефондон сүйлөшүп турганына карабастан, Уландын апасына болгон сагынычы азаймак тургай артып баратты. Күн сайын жол карай баштады. Окууга да, оюнга да, тамакка да табити тартпай баратты. Кусалыктан ооруп калды. Акырында тайекеси жакшы көргөн жээнин ооруканага алып барып, жаткырууга аргасыз болду. « Турмушуң кур, араккеч атасы ажырашса да үйүн сатып жибербегенде үй азабын тартышмак эмес да, эжем байкуш ошонун айынан балдарын таштап жер кезип кетмек эмес эле. Канчалык боор тартып турсаң да, эненин мээрими башка болот экен. Кусалыктын запкысын тарткан баласы үчүн энесин чакырбасам болбойт окшойт, үй да болоор бир күнү»,- деп ойлогон иниси иштегени кеткенине эми гана жыл айланган эжеси Жаңылды

баласынын сагынычы таркабай, ооруп калганын ачык эле айтып чакырмак болду.

*Азыркы кезде тиричилик деп балдарын жакындарына таштап, сыртка иштегени кеткен бир гана Жаңыл эмес. Ал сыяктуу аялдар ар бир айылда, ар бир көчөдө кездешет. Аларга ушул кезде балдарын тарбиялоодон да, акча таап, алардын курсагын багып, кийимин кийгизүүдөн башка кызыкчылык жок. Жашоонун өктөм мыйзамы энелерди мына ушул оор жана татаал жолго салып койду. Мындай көрүнүштөр баланы эненин мээриминен жана тарбиясынан ажыратты. Бул алар үчүн да аргасыз жашоо, аргасыз кадам.*

## Себеби эмнеде?

Өспүрүмдөрдүн арасында кездешкен терс көрүнүштөр, анын кесепетинен келип чыккан өкүнүчтүү окуялар тууралуу сөз кылып, анын себептери эмнеде? деген суроо туулат. Бул багытта бир катар адистердин көз караштарын угуп, алардан топтолуп келип, пикирлер жаралды.

Мындай көрүнүштөрдүн себептерин алар да биринчиси турмуштук кыйынчылыктардын натыйжасында ата-энелердин балдарын жакындарына таштап сыртка иштеп жаткандыктары жана алар таштаган адамдар тарабынан балдарга көзөмөл жасалбагандыгы,- деп эсептешет. Алардан балдарын таштап, Россия, Казакстан жана башка шаарларга иштегени кеткендиктерин себебин сурасаңыз « Балдарды багуу үчүн»,-деп айтышат «А эмне үчүн жашап жатасыңар?» деген суроого да «балдар үчүн»,- деп жооп беришет. Бирок, ал адамдардын көпчүлүгүнүн балдары үчүн жөнөткөн бир аз каражаты балдарынын кийим-кечеси түгүл, тамак-ашына да толук жетпегендигин угуп жүрөбүз. Ошону менен бирге кээ бирөөлөр ал балдардын

ата-энелери кыйналып иштеп балдары үчүн, же турак жай сатып алуу, болбосо куруу үчүн жөнөткөн акчасын өз пайдасына жумшап жиберген көрүнүштөр да аз эмес. Ал эми алардын балдары жакындарынын карамагында ата-энесиз эле ар кандай шартта жашап жатышат.Айрым балдардын билим алуусуна, жүрүш-турушуна алардын чоң ата, чоң эне, таята тайэнелери,же жакын туугандары жеткиликутүү көзөмөл жасашпайт. Жарытылуу тарбиянын жана көзөмөлдүн жоктугунан кээ бир балдар мектепке кеттим деп, калп айтып, убактыларын интернет клубдарында, же башка жайларда өткөрүп жатышкан мезгилдер кездешет.

Экинчиден; телевидениелерде берилип жаткан балдар көрүүгө мүмкүн болбогон фильмдердин көрсөтүлүшү. Жаштар жана чоңдор үчүн гана эмес, балдарга арналган кээ бир мультфильмдердин да жакшы жагына тарбиялык таасирин жоктугу. Ошол мультфильмдерде да, уруп-согуу мушташуулар,банктарды тоноо сыяктуу жагымсыз көрүнүштөр чагылдырылган. Наристе кезинен мына ошондой фильмдерди көргөн баланын сезиминде алардагы каармандар орун алып, ошолорду тууроого тарбияланышы күмөн эмес.

Үчүнчүдөн; ар кандай терс көрүнүштөгү тартылып алынган видотасмалар интернет аркылуу таратылышы. Террорчулардын жардырууларын көргөн балдар аны туурап, алардын образын жаратууга аракет жасаган көрүштөр дүйнөлүк практикада кездешет. Ошондой эле, Россиянын бир мектебинде 10-класстын окуучусу барып, өз мугалимин атып салган.

Төртүнчүдөн; мектеп менен ата-эненин байланышын аздыгы. Айрым ата-энелер жана мугалимдер балдардын пикирлерин толук угушпайт, өздөрүнүн эски көз караштарын балага мажбурлашат. Мектептер өз баркын кетир-

бөөгө аракеттенип, майда-барат тартип бузууларды жашырып коюшат, ал кийин чоң өкүнүчтөрдү алып келүүгө түрткү болот.

Бешинчиден; балдардын тарбиясы үчүн ата-эне, мугалим жана милициянын жашы жетпеген өспүрүмдөр менен иштөө кызматкерлери гана милдеттүү болбоого тийиш. Бул багытта укук коргоо органдары жана жалпы коомчулук кайдыгер болбоосу керек. Мурда айылдын тентек балдарын ошол айылдын бир карыясы өзү эле тартипке салып койгон. Ал эми кыз балдарга « кызга кырк жерлен тыюу » дегендей ошол айылдын эли жооптуу болгон.

Эң башкысы мектеп менен ата-эненин байланышын күчөтүү зарыл. Кыздар кеңештери жөн гана бар деп айтылбай, алар менен так, натыйжалуу иш алып баруу керек. Мектептердеги балдар жана өспүрүмдөр уюмдарын өзүнчө таштап койбой, алар менен эриш-аркак иштешүү зарыл. Мугалимдин алдыңкы окуучулар менен орто жана начар окуган окуучуларды менен бирдей мамиле түзүү да тарбиянын жемиштүү болушуна жардам гана берет. Ушул жерден бир окучудан уккан мындай окуя эске түшөт. Мектептин мугалим эжейи сабагына даярданбай келген окуучу кызды башка ары-бери койгулап урганын класстын бардык окуучулары көрүп олтурган. Окуучу бала бул туурасында апасына айтып келип, мугалимдин бул жоругун айыптаган. «Бул эжеке бизге жакпайт. Мурдагы эжейибиз баарыбызга бирдей жакшы мамиле жасачу. Тентектик кылсак, урушпай эле аста айтып уялтып койчу. Ал турмушка чыгып кеткенден кийин ушул эжеке бизди окута баштады. Ал мурдагы эжекебизге таптакыр окшобойт, болор-болбос нерсеге кыйкырып, балдар-кыздарга карабай ура берет, дагы ошенте берсе, биз мурлдагы эжекебиздин келип, бизди окутушун, директорубуздан суранабыз деп чечтик»,- деп айтты. Албетте, азыркы му-

галимдердин арасында мына ушундай эжекейлер да жок эмес. Мына ушундай кырдаал болбосун үчүн мугалим окуучулар менен тил табышуунун жолун издеши керек.

Алтынчыдан; мектептерде иштеп жаткан соцпедагогдордун көпчүлүгү мурда башка предметтерден окуткан мугалимдер, алар атайын окуулардан өткөн эмес. Алардын баары эле балдардын психологиясын түшүнбөйт. Ошондон улам мектептерге окуучулар менен жакындан иштей турган билимдүү, чыныгы психолог соцадистер керектиги зарылдыкты туудурат. Азыркы учурда балдардын өткөөл мезгили эрте 7-8- класстан эле башталып жатат. Мына ушул куракта кээ бир балдардын өз өмүрлөрүнө кыянаттык кылышына улуулардын этияттык менен менен мамиле жасабай, жеке эле эмес, классташтарынын, досторунун жана башка адамдардын жанында катуу тилдөө, уруп-согуу, кемсинтүү көрүнүштөрү да себеп болууда.

Жетинчиси; балдарды тарбиялоого улуулардын кайдыгерлиги да себеп. Өз жумуштарыбыз деп, күндөлүк жашоо менен алпурушуп жүрүп, алардын окуусуна, жүрүш-турушуна көзөмөл жасабай, кайдыгер карайбыз. Ошондуктан, мамлекеттик деңгээлде ата-эненин жоопкерчилигин көтөрүүгө байланышкан мыйзамдуу чечим керектиги зарыл.

Сегизинчиси; азыркы көпчүлүк балдардын китеп, гезит-журналды көп окубагандыгы да терс көрүнүштөргө себеп.Эгерде окушса, китептердеги оң каармандардын образдары алардын кулк-мүнөзүнө, акыл-эсине, дүйнөдөгү өзгөрүүлөргө, мыкты тарбия алууларына оң таасирин бермек.

Жакында эле биз Ноокен районунун ар кайсыл мектептеринин окуучуларын бир жайга чогултуп, алар менен жолугушуп, дал ушул теманын айланасында пикирлерин уктук. Азыркы окуучулардын көз караштары биздин жаш

мезгилибиздегиге окшобой тургандыгы байкалды. Анда мына ушул балдардын да көз караштарына сарасеп салып көрөлү.

Ошол балдардын бири минтип айтты: « Мен да мектептеги рекет балдарын бири болчумун. Төмөнкү класстагы балдарды коркутуп, акча талап кылчумун. Мен кенже класста окуганда чоң балдар да менин акчамды тартып алышчу. Үйдө сабакка даярданып, класска келгенде айтып берүүнү капарыма да алчу эмесмин. Анткени, мектептен келерим менен сумкамды ыргытып, кийимдеримди чечип, аркы-терки жерге таштап, көчөгө ойногону чыгып кетип, каш карайганда үйгө кирчүмүн. Анан бир күнү менин минткеним туура эмес ойлондум, ага да эртеден кечке чейин базарда бизди багабыз деп иштеп жүргөн апам бир күнү катуу ооруп калды. Ошондо төшөктө жаткан апамдын аябай арыктаганын көрүп,өлүп калат экен деп корктум. Үйдүн артына өтүп алып,үнүмдү сыртка чыгарбай аябай ыйладым. Апамдын айыгып кетишин кудайдан жалынып-жалбарып сурандым. Мындан ары жакшы бала болуу үчүн өзүмө убада бердим. Апам ооруканада жатып, айыгып чыкты. Атам биз жаш кезде ичимдиктин артынан түшүп, бизди таштап кеткен эле. Мен балдардын улуусу болгондуктан, жаман адаттарымды таштамакчы болдум. Биринчи күнү апам иштен келгенде короо шыпырылып, очоктогу казанда тамак кайнап жатканын, ичкери кирип үй ичиндеги тазалыкты көрүп, өз көзүнө ишене албай биз балдарынын жасаган жумушу экенин билгенден кийин, аябай кубанды. Апамды кубанткандыгым үчүн аябай сүйүндүм, ошондон тарта күн сайын апамды кубанууга өзүмө убада бердим.Ошол күндөн өзүмө берген убадамды аткарып, үйдө сабакка даярданып, мектепте жакшы окуп, апам келгенче бир туугандарым менен бирге үй жумуштарын жасап, тамак бышырып койчу болдук».

Ошол баланын сөзүнөн улам биз билген белгилүү

бир жетекчинин айтканы эске түштү. Айтымына караганда ал мектепте аябай тентек бала болгон. Балдар менен мушташып,көбү андан таяк жеп калчу экен. Ал окуган класска кирген мугалим сабакта да тынч олтурбагандыгы үчүн жемелеп, « сенден жакшы адам чыкпайт»,- деп айтышчу. Мындай сөздөрдү уга берип, бир күнү аябай тажаган бала жакшы жагына өзгөрө баштады. Ар бир сабагынан окуп келип, айтып берүүгө аракеттенди. Мектепти бүтүп, жогорку окуу жайына тапшырып, мектепте иштеп жатканда анын класс жетекчиси жолугуп калып,кайда иштеп жатканын сураганда «Мугалим болуп иштеп жатам»,- деп жооп берди. Ошондо анын класс жетекчиси « сенден кантип мугалим чыкты?»,-деди түз эле. « Мен мугалим гана эмес, мыкты мугалим болдум»,-дедим. Анткени, райондо сынакта «Жылдын мыкты мугалими» номинациясын жеңип алган болчумун»,- деген эле ал жетекчи. Ал бир катар мекемелерде жетекчи болуп иштеп келди. Азыр да чоң бир мекеменин башчысы. Мезгилге жараша улам окуп, улам жаңыланып, чыгармачылык изденүү менен иштеп келаткан иштерман,таланттуу жетекчи экенин көбү билет.

Ошол күнкү мектеп окуучулары менен болгон жолугушуу өтө кызыктуу жүрдү. Алардын ой туйгуусу, көз караштары башкача. Биз балдардын көз караштарын жазып алдык.

# КОРУТУНДУ

Акырында Саидмурод Давлатовдун «Менин гениалдуу балам» деген китебиндеги бир мисалды айтып кетүүгө болот. Автор бул китебинде минтип жазат:

«Бир жолу Карагандада мындай бир окуя болду. Менин эшигимди кимдир бирөө такылдатты. Ачсам, кичинекей бир бала эжеси менен туруптур. Мен алдарды бирдеме сураганы келген кайырчылар экен деп ойлоптурмун. Бала мага: «Уруксат берсеңиз, подьезиңизди жууп-тазалап берели, ал эмгегибиз үчүн элүү теңге бериңиз»,- деди. Мен дароо эле баланын акылдуу экенин жана адам менен жакшы сүйлөшө аларын байкадым. Көңүл буруңуз, бул бала кайырчылардай болуп бир нерсе сураган жок. Ал мага сунуш кылды. Мен анын жакшы ыкмасын баалап жана анын акылдуу бала экенин түшүндүм да, сунушун кабыл алып, жардам берүүнү чечтим. Мен аларга : «Макул, ишти баштай бергиле»,-дедим да, алардын акчага жасай турган ишти канчалык жакшы жана көңүлдөнүп аткарарын текшерейин дедим. Адамдар ар кандай болушат. Ишке да ар кандай мамиле кылышат. Бирок иштин сапаты ийгиликтин бир бөлүгү болуп саналат эмеспи. Мурда бул подьезди бир аял тазалайт эле, ал аял деле бул ишти жакшы аткарчу. Бирок бул бала менен кыз өтө жакшы тазалап жуушту, андан сырткары кургак чүпүрөк менен да аарчып чыгышты. Мен жанагы баладан: «Эмне үчүн кургак чүпүрөк менен аарчып чыктыңар», деп сурасам, ал мага: «Эгер азыр кимдир бирөө тепкич менен ылдый түшө турган болсо, анын бут кийими булганышы мүмкүн, себеби пол жуулгандан кийин толук кургай элек. Мына ошондуктан кургак чүпүрөк менен аарчып чыктык»,-деп жооп берди. Мен андан канча жашта экенин сурасам, ал беш жарым, эжеси болсо сегиз жашта экенин айтты. Мен ага он миң теңге берип: «Мындай кылбайлыбы, сен азыр

ата-энеңе барып, алардан банкка сени алып барып, сага эсеп ачып беришин суранасың, анан бул акчаны ошол эсепке саласың, сен андан кийин да тапкан акчаларыңдын бир бөлүгүн ошол эсепке салып турасың. Качандыр бир кезде, сен жакшы адам болуп чоңоесун, а эгер кааласаң мен сага жакшы нерселерди үйрөтөм»,-дедим.

Андан кийин мен ага мен эмне иш менен алектенеримди түшүндүрүп, тренинг боло турган жердин дарегин жазып бердим, мени кантип таба аларын да түшүндүрдүм. Мен ага ал тренинг боло турган жерге барып,тренингге катышса болорун түшүндүрүп айттым. Ал макул болду. Кечинде тренинг аяктагандан кийин (демейде ал кечки саат алтыдан онго чейин болот) карасам, бир киши турат,анын жүзүндө наараzы экенин байкадым. Жанагы баланын колунан кармап алыптыр. Ал «Менин балама сиз акча бердиңиз беле?»,-деп сурады. Мен ага: « Балаңыз бул акчаны иштеп тапты»,-дедим. Ал болсо: «Койсоңуз каяктагыны айтып жатасыз, акчаңызды алыңыз да, менин балдарымды бузбаңыз»,-деди. Мен отуруп ойлондум. Ата-энелер мына ушундай ой жүгүртүшөт. Көрдүңүздөрбү, баланын атасы мага эгер акчаны туура эмес берсе, балдар оңой эле бузулуп кетишет деген ойду айтты. Көңүл буруңуз, жанагы баланын атасы акчаны кантип тапканын билген жок да, андан сырткары үйдө аны урушса да керек: «Бул акчаны кайдан уурдап келдиң,-деп. –Он миң теңгени ким бермек эле? Ким берсе да жаман ниет менен берсе керек. Мынча акчаны эч ким жөндөн жөн эле берип койбойт». Адамдар так ушинтип ойлошот.

Менин балама деле бирөө акча берсе, мен ал кишиге барып, эмне үчүн балама акчаны бергенин сурамакмын. Бир жагынан алып караганда, ата-эненин аракети туура. Экинчи жагынан алып караганда мындай нерсе баланын туура тарбияланышына залал тийгизет.

Анткени бала акчаны өз аракети менен иштеп тапканын билет, бирок эмне үчүн ата-энеси урушуп жатканын түшүнбөйт. Баланын психикасы үчүн бул таптакыр түшүнүксүз нерсе. « Мен эмнени туура эмес кылдым экен?» -деп бала кыжалат болот. Ал менден элүү теңге сураган, бирок мен ага бул сумманы бир нерсе үчүн гана бердим. Мен бул баланын ата-энеси жакшы адамдар экенини көрүп турам жана бул баланын келечекте ийгиликтерге жетишишине ишенем, сиз бул баланын атасы болосуз, ошондуктан, эмне кылууну сиз өзүңүз чечесиз. Же балаңыздын ийгиликтерге жетүүсүнө мүмкүнчүлүк бересиз, же тескерисинче, анын ички күчүн басып салып, балаңыздын келечегине балта чабуу да сиздин колуңузда. Сиздин балаңыз кайыр сураган жок, анын ордуна ал акча иштеп табууну сунуш кылды. Бул-акылмандык да.

Сүйлөшүп бүткөн соң мен анын баласына келечектеги турмушуна пайдасы тие турган нерселерди үйрөтүүнү сунуш кылдым. Атасы ойлонуп көрөрүн айтты. Анан бир нече күндөн кийин келип: «Макул, балама банктан эсеп ачып берейин, аракет кылып көрсүн»,-деди.Кийин ал бала экөөбүз ар бир эки айда жолугушуп турдук. Кээде жарым жылда бир жолу. Карагандага барганда жолугушуп калабыз. Андан кийин ал баланы үч жыл бою окуттум. Анан 1-2 жыл аны көргөн жокмун. Кийин ага жолукканымда, анын жакшы жакка өзгөргөнүн көрүп, абдан кубандым. Мен аны алгач окута баштагандан бери (төрт жарым жылдай окуттум) анын канча кирешеси бар экенин, ийгиликтерин сурабастан жөн гана эмне кылууну, кантип ой жүгүртүүнү, ишти кантип уюштурууну, кантип бирөөнү ыпандырууну жана өзү да ишеничтүү болушун, өзү жасап жаткан нерсеге ишенүүсүн жана күн сайын өзүн инсан катары өнүктүрүүгө үйрөттүм. Бул балага дүйнөдөгү

адамдар инсандык сапаттарын өздөрү калыптандыраарын түшүндүрдүм. Көптөгөн адамдар кесипке, кызматка ээ болушат,үй бүлө курушат жана башка ушул сыяктууларга гана күч аракет жумшап, жаңылыштык кетиришет. Алар биринчи кезекте өздөрүн өнүктүрүп калыптандырышы керек экенин унутуп коюшат. Чындыгында күчтүү лидерлердин, баатырлардын жана башка ийгиликтүү адамдардын өмүр жолун карап көрсөк, алар өздөрүн өздөрү инсан катары калыптандырганын байкайбыз. Адам өмүр бою бир гана шедеврди жаратат, ал шедевр-өзү.

Эгер лидер болгуңуз келсе үч нерсени эске алууңуз зарыл: биринчиден сырткы көрүнүшүңүз кандай, башкалардын көңүлүн бура аласызбы, канчалык сылыксыз? Бул сапаттар сизде канчалык деңгээлде бар экенин аныктап, аларды жакшыртып өнүктүрүүгө аракет кылыңыз. Экинчиден, сиздин жүрүм-турумуңуз коомдо ээлеген абалыңызга же ордуңузга төп келиши керек. Үчүнчүдөн, сиздин акылыңыз жана өз оюңузду кантип билдире алышыңыз маанилүү. Мына ушул үч нерсе башка адамдардын акылэсинде сакталып калат жана сиз жөнүндө ой-пикирди калыптандырат.Мына ошондой эле адам өмүр бою ар бир күнүн өзүн инсан катары өнүктүрүүгө сарптайт.

Менин оюм боюнча, адам ким болуп иштебесин, мейли ал жууп-тазалагыч болобу, же лидер болобу-анын кандай кызматта иштегени маанилүү эмес, бирок сенин үлгүсүз ар кандай жүрүм-турумуң жана сен өзүң да инсандыгыңды буза турганыңды эске тутууң абдан маанилүү.

Биз баланын өзүн калыптандырып түзө алган күчтүү адамдарга, лидерлерге бүткүл дүйнө баш ийерин түшүндүрдүк. Мен жанагы балага акыркы жолу жолукканымда анын эсебинде кырк сегиз миң доллар жана командасында 64 жаш бала бар болчу. Бул-эң жакшы жетишкендик.

Албетте, ага ата-энеси ар тараптан жардам берди, алар уулунун өз кыял-тилегин жүзөгө ашырууга болгон умтулуусуна колдоо көрсөтүшүп, аны ар түрдүү адашуулардан, азгырыктардан сактап жүрүштү. Мына ошондуктан, анын ушундай мыкты натыйжаларга жетүүсүндө ата-энесинин сиңирген эмгеги чоң.

Ал бала болгону тогуз жарым жашта эле. Анын ата-энеси да ал тапкан акчаны иштеп таба алчу эмес. Баланын ата-энеси менден баласына мындай жөндөмдүүлүктөрдү кантип үйрөткөнүмдү сурашты. Мен аларга: «Кеп акчада эмес»,- деп жооп бердим. Көпчүлүк адамдар ийгиликке жетиш үчүн көп иштеш керек деп ойлошот. Ал үчүн көп ойлонуш керек, болгондо да туура ойлонуш керек. Эгер туура эмес ойлонсоң, жыйынтык да туура эмес болот.

Келиңиз бирге тест жүргүзүп көрөлү. «Балдарыңызды абдан жакшы көрөсүзбү?» -деген суроого бардыгы «Ооба»,-деп жооп берери анык. Эми күндөлүк дептериңизди ачып, бир күнгө түзүлгөн планыңызды карап көрүңүз. Түзгөн планыңыздан орун берилиптирби?

Эгер сиз планыңыздын ичинен балаңызга байланышкан иш-чараларды көрө албасаңыз, анда сиз аны жүрөгүңүздүн түпкүрүндө гана жакшы көрөсүз, бирок ал жакшы көрүүнү кантип жүзөгө ашырууну али биле элексиз. Эгерде планыңызда балаңызга орун берилсе гана бул китеп сизге жардам берет. Төмөнкүлөрдү унутпаңыз: жакшы жүрүм-турумдар жакшы жыйынтыктарга алып келет. Жакшы адамдар жакшы жүрүм-турумдарга ээ болуулары зарыл. Жакшы ата-энелердин балдары да жакшы болушу керек. Ал эми жакшы балдардын турмушу да, келечеги да жакшы болушу керек».

Бул тажрыйбаны да колдонуп көрүңүз. Жакшылыкты үйрөнүү эч убакта жамандык алып келбейт, сиздин

жана сиздин тарбияңыз аркылуу балаңыздын ийгиликке жетишине түрткү гана берет.

Демек,балага биринчиден адептүүлүккө, ыйманга тарбиялоо зарыл. Мындай бала терс жолго баруудан чочулайт. Анан да эмгектенип акча табууга жана аны максаттуу пайдалана билүүгө үйрөтүү керек. Өзү эмгектенип каражат тапкан бала акчанын да, аны багып-чоңойткон ата-эненин да баркын баалай билет. Ошону менен бирге сабактан тышкаркы мезгилин эмгектенүү менен өткөргөн баланын бош жүрүүгө, убактысын пайдасыз өткөрүүгө убактысы болбой калат. Азыр кээ бир балдар мектепти бүтүрүп, андан ары жогорку окуу жайын аяктаганга чейин багып-өстүрүү ата-эненин милдети деп эсептешет. Саидмурод Давлатовдун китебиндеги кичинекей каармандар –бала бар болгону беш жарым, ал эми эжеси сегиз жашта болгон. Ошол жашта ал балдар акча табуу үчүн эмгектенүү керек экендигин билишкен. Ал эми азыр кээ бир балдар эрезеге жеткенге чейин ата-энесинин моюнуна артылып жүрүшөт.Демек, жашынан эмгектенүүнү үйрөнгөн бала ийгиликке эрте жетишет. Эмгектенүү-бул байлык жана жыргал жашоо экенин билет.

Биз китептен окуган кыргыз элиндеги баатырлар Манас, Курманбек, Кыз Сайкал, Жаңыл Мырзалар да турмуш чындыгы. Алар болбосо да мына ушулар сыяктуу баатырлар жаралган. Алар өспүрүм кезде Баатырдыгы билинип,эл-жерин душмандардан коргоп келген. Алардай баатырлар жаралбаса, кыргыз кыргыз бойдон ушул бүгүнкү күнгө чейин сакталып келмек эмес беле балким. Бүгүнкү тынч күндөрдө жана келечекте кыргыз деген улуу элди, ошону менен бирге ошол эл жашаган кыргыз мамлекетинин бүтүндүгүн сактап калууда азыркыга чейин аты өчпөгөн баатырлардай Мекенчилдик сапаттар керек. Ошондо бүгүнкү өспүрүм жаштардын эмгеги өчпөс болуп тарыхта жазылып калат.

Биз улуулар жаш адамдардын аң-сезиминде жана жан-дүйнөсүндө Мекенчилдик сезимин калыптандырышыбыз керек. Анткени, бу тирүүлүккө адам болуп жаралгандан соң, өзүбүз, өз ата-энебиз, бир туугандарыбыз жана жашап жаткан-Мекенибиз болгон Кыргызстанды берилүү менен сүйүп, ага ак ниет менен кызмат кылуу уулбу, же кызбы баары «менин парзым» парзым деп түшүнүшү тийиш. Мыйзам алдында да, Куранда да ушул маанидеги милдети так айтылган. Мейли ал эркекпи, аялбы, же улуубу, кичүүбү баары бир ким гана болбосун бирөөнүн өмүрүнө кыянаттык кылууга, анын жашоосун токтотууга акысы жок. Анан да ар бир адам үчүн Жараткан Алла насип эткен өмүрдүн пайдасы ушул- өз керт башынын кызыкчылыгынан да, башкалардын жана жалпы элдин кызыкчылыгы жогору турушу керек.Турмуштук кыйынчылыктарга, айрым тоскоолдуктарга чыдабай жана курулай намыска багынып, өз өмүрүнө кыянаттык жасап бу тирүүлүктөн кутулуп кеткени менен, аркы дүйнөдө тозок күтүп жатканын терең түшүнүү абзел. Ошондуктан, бизге жашоо берген кудайым үчүн миң мертебе таазим этип, ыраазы болушубуз керек жана анын каарына калбоо үчүн өмүрүбүздү жана эмгегибизди пайдалуу иштерге жумшоого тийишпиз. Өзгөчө, эл үмүт менен күткөн бүгүнкү келечек ээлери болгон өспүрүмдөр жана жаштар алдыда ошол элге жана өз өлкөсүнө кызмат кылуу үчүн терең билим, татыктуу тарбия алуу үчүн умтулуу менен аракеттерди жасоосу анын адамдык парзы. Анткени, жаркыраган келечек бүгүнкү жаш адамдардын колунда. Ошондуктан, жашоонун маңызын, өмүрдүн кымбаттыгын бар кезинде билүү абзел. Тирүүлүк-бул майрам. Аны Жараткан сүйгөн пендесине насип эткен.

Жараткан Алланын тозок отуна күйбөйлү десеңер, өз элиңерге ак ниет кызмат кылууну максат кылгыла урмат-

туу жаш достор. Бул үчүн  кымбат өмүрүңөрдү текке кетирбей терең билим, мыкты тарбияңар жана эмгегиңер менен жасай турган жаркыраган Кыргызстан үчүн таза дил, тунук пейил алдыга кадам шилтөөгө тийишсиңер. Сабыр туткан акылга бай болсоңор силердин жаныңарда дайыма ырыс да, кыдыр да жанашып, кошо жүрөт.

## Мазмуну

Автордон ...........................................................................5
«Куш уяда эмнени көрсө учканда ошону алат» ..........15
Сөйкө үчүн кыйылган жаш өмүр туурасында ...............16
Кыздардын урушу .................................................................19
Зөөкүр кыздардын жоругу ...............................................25
Беш жүз сомдун курмандыгы ........................................26
Тоо арасындагы мектепте болгон окуя .......................30
Өз өмүрүнө кыянаттык жасоо көрүнүштөрү ..................32
Сүйгөн жигити таштап кеткендиги үчүн
өз өмүрүн кыйган ...............................................................33
Энеси Россияга кеткен баланын кусалыгы ...................38
Себеби эмнеде? .................................................................44
Корутунду ...........................................................................50

Корректор: М.Закирова
Дизайнер: Т.Маткалыкова
Техникалык директор: Ж.Кадыров

Бишкек шаары
Улуу тоблор
Абдрахманов көчөсү170-А
Буюртма №45
Тираж 1500